german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Implemented by
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

10-тиркеме

Гендердик баалоо жана Гендердик маселелер жана Инклюзия боюнча Иш-аракеттер Планы

ЖКФга каржылоого сунуштама

Борбордук Азиядагы климаттын өзгөрүшүнө туруктуу ландшафттар

Август 2026-жыл

2.2-версия

Тапшыруучу:

Германиялык эл аралык кызматташтык коому (GIZ) GmbH

Бул текст англис тилиндеги түпнуска долбоордук документациянын расмий эмес котормосу болуп саналат. Котормонун автору жана уюм мүмкүн болгон лингвистикалык дал келбестиктер же таксыздыктар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Терминдерди, маалыматтарды же милдеттенмелерди чечмелөөгө (интерпретациялоого) байланыштуу кандай гана суроолор жаралбасын, абсолюттук артыкчылыкка ээ болгон англис тилиндеги документтин расмий версиясына кайрылуу зарыл.

Мазмуну

Таблицалардын тизмеси 2

Тиркемелердин тизмеси 2

Кыскартылган сөздөр жана аббревиатуралар 3

1. Киришүү 5
   - 1.1 Программага жалпы сереп 5
   - 1.2 Тиркеменин максаты жана түзүмү 6
2. Өлкө жана сектор деңгээлиндеги талдоо 7
   - 2.1 Кыргыз Республикасы 7
     - 2.1.1 Улуттук сереп: гендердик теңчиликтин абалы 7
     - 2.1.2 Укуктук база, саясат жана кызыкдар тараптардын чөйрөсү 12
3. Программалык деңгээлдеги гендердик талдоо 14
   - 3.1 Ыкма 14
   - 3.2 Натыйжалар 15
     - 3.2.1 Кыргыз Республикасы 15
     - 3.2.2 Жыйынтыктоочу тыянактар жана жалпы темалар 16
   - 3.3 Сунуштар 17
4. Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы (ГИП) 19
   - 4.1 Негизги эске алуучу факторлор 19
   - 4.2 ГИПтин бюджетине сереп 20
   - 4.3 Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы 22
5. Программаны ишке ашыруу 32
   - 5.1 Гендердик аспектилерди интеграциялоо ыкмасы 32
   - 5.2 Даттанууларды кароо механизми, коргоо инструменттери жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү 33
     - 5.2.1 Даттанууларды кароо механизми 33
     - 5.2.2 Коопсуздук кепилдиктерин сактоо ыкмалары 33
     - 5.2.3 СЭЗКП тобокелдиктерин башкаруу 33
     - 5.2.4 Кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү 34
6. Колдонулган булактар 35
7. Тиркемелердин тизмеси 39

Таблицалардын тизмеси

1-таблица: Кыргыз Республикасындагы укуктук жана саясаттык чөйрө 12

2-таблица: Кыргыз Республикасындагы кызыкдар тараптардын картасы 13

7-таблица: Гендердик ажырымдар жана сунушталган чаралар 18

8-таблица: Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планынын чыгымдары жөнүндө маалымат 20

9-таблица: Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы (таасир деңгээлинде) 22

10-таблица: Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы (иш-чаралар деңгээлинде).23

Тиркемелердин тизмеси

1-тиркеме: Семинардын иш-чаралары боюнча формалар – гендердик багыттар *39*

2-тиркеме: Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүнүн жыйынтыктары боюнча кыскача таблица 41

Кыскартылган сөздөр жана аббревиатуралар

АБМ	Аялдар, бизнес жана мыйзам
АУ	Аткаруучу уюм
АУЭӨ	Адам укуктары боюнча эл аралык өнөктөштүк
АҮИК	Аялдар жана үй-бүлө иштери боюнча комитет
АК	Аялдар кеңештери
АЧТБЖП	Айыл чарба, токой жана башка жер пайдалануу
АКК	Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо комитети
АРИС	Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо Агентствосу
АКББТЖК	Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция
БУУАУЖКБ	БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын кеңсе
БУУКӨАК	БУУнун Климаттын өзгөрүшү боюнча алкактык конвенциясы
БУУКЖФ	БУУнун Калкты жайгаштыруу фонду
БУУӨП	БУУнун Өнүктүрүү программасы
ГГАИ	Глобалдык гендердик ажырым индекси
ГИП	Гендердик маселелер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы
ГТМСИ	Гендердик теңчилик, майыптыгы бар адамдарды камтуу жана социалдык инклюзия
ДКМ	Даттанууларды кароо механизми
ЖБГМК	Жер башкаруу жана геодезия боюнча мамлекеттик комитет
ЖДН	Жердин деградациясынын нейтралдуулугу
ЖКФ	Жашыл климаттык фонд
ЖК	Жергиликтүү кызматкерлер
ЖРЭжТКМ	Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги
ИДИАБ	Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу борбору
ИДП	Ички дүң продукт (ИДП)
КААБ	Коомдук алдын алуу борборлору (жергиликтүү башкаруу түзүмү)
ККБ	Климаттык каржылоо борбору
КТАЭ	Климатка туруктуу жана аз эмиссиялуу
КТАЧ	Климатка туруктуу айыл чарба
КӨКИП	Климаттын өзгөрүшүнө каршы иш-аракеттер планы
КР	Кыргыз Республикасы
ЛГБТКИ+	Лесбиянкалар, гейлер, бисексуалдар, трансгендерлер, квирлер, интерсекс адамдар жана башка топтор
М&Б	Мониторинг жана баалоо
МОВ	Мониторинг, отчеттуулук жана верификация
МЧОИ	Микро, чакан жана орто ишканалар
МФМ	Микрофинансылык мекеме
НМБМ	Негизги маалымат берүүчүлөр менен маектешүү
ӨС	Өзбек суму (валюта)
ӨЗ	Өзбекстан
ӨЭУ	Өкмөттүк эмес уюм (ӨЭУ)
ӨТ	Өзгөрүүлөр теориясы
ПДИП	Пекин декларациясы жана Иш-аракеттер платформасы
ПГ	Парник газдары
САЧКӨМ	Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги
СПА	Суу пайдалануучулар ассоциациясы
СЭЗКП	Сексуалдык эксплуатация, зомбулук жана кыянаттык менен пайдалануу
ТАА	Тажикстан аялдарынын ассоциациясы
ТЖ	Техникалык жардам
ТТТ	Техникалык тапшырма топтору
ТӨМ	Туруктуу өнүгүү максаттары
УАП	Улуттук адаптация планы

УДО	Улуттук дайындалган орган
УДС	Улуттук деңгээлде аныкталган салымдар
УӨС	Улуттук өнүктүрүү стратегиясы
УСК	Улуттук статистика комитети
ФАО	Азык-түлүк жана айыл чарба уюму
ФМ	Финансылык мекеме
ФТТ	Фокус-топтук талкуу
ЭАС	Эл аралык сот
ЭАК	Чет өлкөдө иштеген кызматкерлер / эл аралык кызматкерлер
ЭКӨУК	Экология жана климаттын өзгөрүшү боюнча улуттук комитет
ЭСКЧ	Экологиялык жана социалдык коргоо чаралары
ЭСТБ	Экологиялык жана социалдык таасирлерди баалоо
ЭСБС	Экологиялык жана социалдык башкаруу системасы
ЭТЧИБ-ДАЧБ	Эл аралык токой чарбасын изилдөө борбору – Дүйнөлүк агротокой чарба борбору
ЭЭУ	Эл аралык эмгек уюму
GIZ	Германиялык эл аралык кызматташтык коому (GIZ)

1. Киришүү

1.1 Программага жалпы сереп

“Борбордук Азиядагы климатка туруктуу ландшафтар” программасы Кыргыз Республикасында, Тажикистанда жана Өзбекстанда айыл чарба, токой чарбасы жана башка жер пайдалануу (АЧТБЖП) секторлоруна таасирин тийгизип жаткан климаттык тобокелдиктерди түздөн-түз чечүүгө багытталган. Программа өзгөчө экологиялык жактан маанилүү жана климаттын таасирине өтө аялуу болгон Фергана өрөөнүнө, Сурхандарья жана Хатлон аймактарына басым жасайт. Тандалган иш-чаралар жүргүзүлүүчү аймактары түздүктөрдө басымдуу орунду ээлеген айыл чарба жерлеринен тартып, тоо этектеринде жана тоо капталдарында кеңири таралган жайыттар менен токойлорго чейин созулган жана өз ара тыгыз байланышкан. Алар ар түрдүү жер пайдалануу жана жаратылыш экосистемалары менен мүнөздөлгөн, бирдиктүү аймактык мамилени талап кылган үзгүлтүксүз жана трансчегаралык ландшафтардын ажырагыс бөлүктөрү болуп саналат.

Өзгөрүп жаткан климат тандалган аймактарга температуранын жогорулашы, кургакчылыктын көбөйүшү жана жаан-чачындын интенсивдүүлүгүнүн күчөшү аркылуу олуттуу терс таасирин тийгизүүдө. Мындай өзгөрүүлөр суу ресурстарынын мезгилдик жеткиликтүүлүгүнө таасир этип, ысык менен кургакчылыктын стрессин күчөтүүдө жана жерлердин деградация процесстерин, анын ичинде топурактын эрозиясын, жер көчкүлөрдү жана селдерди тездетүүдө. Бул процесстер айыл чарба өндүрүшүнө жана экосистемаларга өз ара байланышкан бир катар таасирлерди тийгизип, өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнүн жана өндүрүмдүүлүгүнүн туруктуулугунун төмөндөшүнө, жайыттардын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө жана токойлордун функцияларынын начарлашына алып келиши күтүлүүдө. Мындан тышкары, энергетика сектору парник газдарынын (ПГ) эмиссиясынын негизги булагы бойдон калганы менен, Кыргыз Республикасында, Өзбекстанда жана Тажикстанда 1990-жылдардан бери АЧТБЖП секторлорунан бөлүнүп чыккан эмиссиялар өсүп жатат. Бул айыл чарбасынан чыккан эмиссиялардын көбөйүшү жана токойлордун көмүртекти сиңирүү мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшү менен шартталууда.

Программанын ландшафттык интеграцияланган ыкмасы, тандалып алынган трансчегаралык ландшафттардын өз ара байланыштарын толук эске алуу менен, климаттык тобокелдиктерди азайтуу максатында АЧТБЖП пландаштырууну, координациялоону жана мониторингди системалуу түрдө киргизет. Программа климат жана жер пайдалануу боюнча чечимдерди колдоо системаларын чыңдап; климаттык каржылоого жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана аны башкаруу боюнча потенциалды жогорулатат. Ошондой эле субулуттук деңгээлдеги пландаштырууну, кеңеш берүү кызматтарын жана айыл чарбасына, токойлорго жана жайыттарга багытталган инвестицияларды өркүндөтүү аркылуу климатка туруктуу, аз эмиссиялуу (КТАЭ) практикаларды жана технологияларды колдонууга өбөлгө түзөт. Аймактык деңгээлде программа келечектеги өнүгүү багыттарын алдын ала талдоо процесстери, АЧТБЖП боюнча аймактык багыттарды аныктоо, билим жана тажрыйба алмашуу, ошондой эле трансгаралык адаптация чараларын координациялоо жана каржылоону тартуу үчүн климаттык инвестициялык платформа аркылуу кызматташууну күчөтөт.

Программа үч өлкөнүн 180 муниципалитетинде 1 046 062 адамдын климаттык туруктуулугун түздөн-түз, ал эми 1 480 919 адамдын туруктуулугун кыйыр түрдө жогорулатат, парник газдарынын эмиссиясын (ПГ) 6,95 миллион тонна CO2 көлөмүндө азайтууга жана 939 354 гектар жерди туруктуу башкарууга, сактоого же калыбына келтирүүгө алып багытталган.

Жалпы максатына жетүү үчүн программа бири-бири менен өз ара байланышкан үч компонент аркылуу ишке ашырылып, улуттук, жергиликтүү жана аймактык деңгээлдерде АЧТБЖП секторлорун климатка туруктуу жана КТАЭ багытына өтүүгө карата системалык өзгөрүүнү баштоого жана аны туруктуу камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

- **Биринчи компонент** (улуттук деңгээл) өзгөрүүлөр үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу системалык трансформациянын негизин калыптандырат. Ал климаттык факторлорду эске алган жер пайдалануну пландаштырууну жана чечимдерди колдоо системаларын чыңдайт, мамлекеттик каржылоо механизмдерин өркүндөтөт жана программаны ишке ашыруу мезгили аяктагандан кийин да өтүүнү колдоого багытталган мамлекеттик жана жеке ресурстарды мобилизациялоочу инновациялык каржылоо механизмдерин илгерилетет.

- **Экинчи компонент** (жергиликтүү деңгээл) ири масштабдагы инвестицияларды тартууга жана жер-жерлерде иш-чараларды ишке ашырууга багытталып, программанын климаттык адаптация жана климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу боюнча максаттарына түздөн-түз көмөк көрсөтөт.

- **Үчүнчү компонент** (аймактык деңгээл) экосистемалардын жана климаттык чакырыктардын чек ара аралык мүнөзүн эске алуу менен өлкөлөр аралык координацияны жана кызматташууну өнүктүрөт, билим жана инновациялар менен алмашууга шарт түзөт жана экосистемаларды биргелешип башкарууну каржылоонун натыйжалуу механизмдерин калыптандырат.

1.2 Тиркеменин максаты жана түзүмү

Бул Тиркеме “Борбордук Азиядагы климатка туруктуу ландшафтар” программасынын (мындан ары — «программа») гендердик сезимталдуулукту жана социалдык инклюзияны эске алган ыкмада иштелип чыгышын, каржыланышын, ишке ашырылышын жана көзөмөлдөнүшүн камсыздоого багытталган. Гендердик иш-аракеттер планынын (ГИП) максаты - максаттуу ландшафттарда аялдардын, жаштардын жана маргиналдуу топтордун программанын бардык иш-чараларына, КТАЭ тажрыйбаларына жана консультация алууга адилеттүү жана тең укуктуу жетүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле программанын процесстери учурдагы структуралык тоскоолдуктарды азайтууга өбөлгө түзүшүн камсыз кылуу. Бул документ Жашыл климаттык фонддун (ЖКФ) Гендердик саясатына, ошондой эле анын Гендердик баалоо жана Гендердик иш-аракеттер планынын үлгүлөрүнө ылайык иштелип чыккан.

Бул Тиркеме гендердик маселелерди интеграциялоодо ЖКФ тарабынан сунушталган үч багыттуу ыкманы - талдоо, баалоо жана иш-аракетти колдонот. Ал учурдагы адабияттарды жана экинчи булактардан алынган маалыматтарды талдоого, кызыкдар тараптар менен консультацияларга жана эксперттик пикирлерге негизделет. Документте Кыргыз Республикасында, Тажикстанда жана Өзбекстанда Айыл чарба, токой чарбасы жана жерди пайдалануунун башка түрлөрү (АЧТБЖП) секторлорундагы гендердик теңсиздикке таасир этүүчү ар кандай факторлорду, анын ичинде климаттын өзгөрүшү менен күчөгөн факторлорду эске алган комплекстүү гендердик талдоо берилет. Ошондой эле программа ишке ашырылуучу шарттарда өзгөчө мааниге ээ болгон гендердик тоскоолдуктарды жана боштуктарды баалайт жана программанын колдоосу аркылуу аялдардын, эркектердин жана жаштардын инклюзивдүү туруктуулукту калыптандырууга салым кошуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт.
Бул мүмкүнчүлүктөр гендердик теңчиликти жана жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү илгерилетүүгө, ошондой эле сектордогу теңсиздиктерди азайтууга багытталган гендердик иш-чараларга айландырылат. Аталган иш-чаралар гендердик маселелерди эске алган мониторинг жүргүзүү жана баалоо (М&Б) алкагында(башкача айтканда, Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планында) чагылдырылат.

Бул Тиркеме жалпы каржылоого сунуштаманын бир бөлүгү болуп саналат жана аны ошол сунуштун кеңири контекстинде кароо зарыл.

- 2-бөлүм программанын үч өлкөсүнүн ар бириндеги гендердик теңчиликтин учурдагы абалына сереп салат. Талдоо ушул программа үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон гендердик теңчиликтин эки негизги аспектисине багытталат: i) гендер жана АЧТБЖП сектору; жана ii) гендер жана климаттын өзгөрүшү. Ошондой эле ар бир өлкөдө гендер, климат жана АЧТБЖП секторлорунун өз ара байланышы менен түздөн-түз байланышкан укуктук жана саясий чөйрөгө, ошондой эле негизги кызыкдар тараптарга сереп берилет. Бул маалыматтар программанын гендердик теңчилик жана социалдык инклюзия боюнча иш-чаралары ишке ашырыла турган маанилүү негизди түзөт.

- 3-бөлүм кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн консультациялардын негизинде аныкталган ыкмаларды, негизги жыйынтыктарды жана сунуштарды баяндайт. 2-бөлүмдө берилген талдоо менен бирге бул бөлүм гендердик өзгөчөлүктөргө байланышкан артыкчылыктарды, олуттуу гендердик ажырымдарды жана көйгөйлөрдү, ошондой эле программанын иш-чараларын маанилүү, туруктуу жана адилеттүү жана тең жеткиликтүү негизде ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн программа сунуштай ала турган мүмкүнчүлүктөрдү жалпылайт.

- 4-бөлүм жана 3-бөлүмдө берилген сунуштарды Гендер жана инклюзия боюнча иш-чаралар планына бириктирип, аларды программанын жалпы Өзгөрүүлөр теориясы менен байланыштырат жана анын максаттарына шайкеш келтирет.

- 5- бөлүм GIZдин учурдагы институционалдык милдеттенмелерине жана протоколдоруна шайкеш келген, ырааттуу, гендердик сезимтал жана инклюзивдүү программаны ишке ашырууну жетектей турган жалпы принциптерди жана мамилелерди баяндоо менен Тиркемени жыйынтыктайт.

2. Өлкө жана сектор деңгээлиндеги талдоо

Бул бөлүмдө Кыргыз Республикасында, Тажикстанда жана Өзбекстанда АЧТБЖП секторлорунун алкагында гендердик теңчиликке жана аялдардын ролуна ар тараптуу талдоо берилет. Ар бир өлкөнүн өзүнө мүнөздүү социалдык, экономикалык жана экологиялык шарттарын эске алуу менен, гендердик теңчиликти камсыз кылууда жетишилген прогресс, саясатты натыйжалуу ишке ашырууда сакталып келе жаткан тоскоолдуктар, ошондой эле гендер менен климаттын өзгөрүшүнөн келип чыккан тобокелдиктердин, адаптациянын жана климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуунун өз ара байланышы каралат. Ар бир өлкө боюнча баяндамада улуттук милдеттенмелерге сереп салынып, аялдардын АЧТБЖП секторуна катышуусу бааланат, ошондой эле укуктук, саясий жана негизги кызыкдар тараптардын чөйрөсү талданат. Ушул көп өлчөмдүү ыкма аркылуу бөлүм 3-бөлүмдө колдонулган кызыкдар тараптарга багытталган жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алган ыкманы толуктап, гендердик маселелерди эске алган стратегияларды өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү аныктоого жана аймакта АЧТБЖП секторлорун инклюзивдүү жана климаттык тобокелдиктерге туруктуу кылууга багытталган максаттуу чаралар зарыл болгон багыттарды белгилөөгө көмөктөшөт.

2.1 Кыргыз Республикасы

2.1.1 Улуттук сереп: гендердик теңчиликтин абалы

Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча аракеттер калкынын саны тез өсүп жаткан жана негизинен айыл жерлеринде жашаган өлкөнүн шартында жүргүзүлүүдө. 2024-жылга карата өлкөнүн калкы болжол менен 7,4 млн адамды түзүп, анын ичинде 3,6 млнго жакыны аялдар болгон (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, 2026). Калктын дээрлик 60%ы, башкача айтканда, болжол менен 4,4 млн адам айыл жерлеринде жашайт. Бул гендердик теңсиздикти улуттук деңгээлде гана эмес, кызмат көрсөтүүлөргө, экономикалык мүмкүнчүлүктөргө жана институционалдык колдоого жеткиликтүүлүк бирдей эмес болгон жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде да чечүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин гендер боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтары түштүк аймактарда калктын жыныстык курамы салыштырмалуу тең салмактуу экенин көрсөтөт. Мисалы, Баткен облусунда 2022-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча 561 443 адам жашаган, алардын 283 322си эркектер жана 278 121и аялдар болгон (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, 2021). Социалдык-маданий факторлор да улуттук деңгээлдеги гендердик теңчиликтин абалына таасирин тийгизет. БУУнун адам укуктары боюнча эксперттеринин жана эл аралык байкоочу органдардын акыркы баалоолору дин тутуу эркиндигинин, айрыкча азчылык топтору үчүн, чектелиши ыктымал экенин баса белгилеп кетишет; коомдук жайларда жана мекемелерде диний кийимдерди (мисалы, хиджаб) кийгендиги үчүн айып пул салуу киргизилген (UN OHCHR, 2025). Бул жагдай айрым күтүүлөрдү күчөтүп, аялдардын эркин жүрүүсүнө, ошондой эле айрым жамааттардагы коомдук турмушка жана чечим кабыл алуу процесстерине катышуусуна тоскоолдук жаратышы мүмкүн — булар экономикалык теңсиздик менен тыгыз байланышкан факторлор: кесиптик билим деңгээли жогору болгонуна карабастан, аялдар салттуу түрдө аялдар басымдуулук кылган саламаттык сактоо (79%), билим берүү (78%) жана социалдык кызмат көрсөтүү сыяктуу тармактарда көбүрөөк топтолгон. 2024-жылы жогорку кесиптик билимге ээ болгон жумуш менен камсыз болгон аялдардын үлүшү 32%ды, ал эми эркектердики 20%ды түзгөн (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, б.ж.). Бул көрсөткүчтөр эмгек рыногундагы туруктуу сегментацияны көрсөтүп, аялдардын, айрыкча айыл жерлеринде, экономиканын ар түрдүү жана жакшы маяна төлөнүүчү тармактарына жеткиликтүүлүгүн чектеп келет.

Бул демографиялык контекстте Кыргыз Республикасы аялдардын укуктарын коргоо жана гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча негизги эл аралык милдеттенмелерди кабыл алган өлкөлөрдүн бири болуп саналат. Тактап айтканда, өлкө 1996-жылы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияны (АКББТЖК), Аялдардын саясий укуктары жөнүндө конвенцияны, Никеге турууга макулдук берүү, никеге туруу үчүн минималдуу жаш курак жана никелерди каттоо жөнүндө конвенцияны, Үй-бүлөлүү аялдардын жарандыгы жөнүндө конвенцияны жана Энелерди коргоо жөнүндө конвенцияны ратификациялаган. 2002-жылы АКББТЖКга карата Факультативдик протоколду кабыл алган, ал эми 1995-жылы Пекин декларациясына жана Иш-аракеттер платформасына (ПДИП) кошулган (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Мындан тышкары, Кыргыз Республикасы Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) ишке ашырууга катышат. Алардын ичинен ТӨМ 5 гендердик теңчиликти камсыз кылууга жана бардык аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган.

Улуттук деңгээлде Кыргыз Республикасы гендердик теңчиликти илгерилетүүгө багытталган кеңири укуктук жана саясий-стратегиялык базаны иштеп чыккан. Эркектер менен аялдардын тең укуктуулугунун жана тең мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө мыйзам дискриминацияга каршы күрөштүн негизи катары кызмат кылат, ал эми 2030-жылга чейинки Гендердик теңчилик боюнча улуттук стратегия аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, маданий трансформация, гендердик зомбулуктун алдын алуу жана чечим кабыл алууда гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу артыкчылыктарын

белгилейт. Бул укуктук жана стратегиялык алкактарды Аялдардын ишкердигин колдоо боюнча мамлекеттик программа (2022–2026-жж.) сыяктуу максаттуу программалар толуктайт. Аталган программа аялдар жетектеген бизнести укуктук жактан аныктоону жана колдоону карайт. Ошондой эле Аялдардын лидерлигин колдоо боюнча мамлекеттик программа (2024–2030-жж.) аялдардын аткаруу бийлигиндеги жана саясий кызматтардагы катышуусун жогорулатууга багытталган (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Мыйзам чыгаруу реформалары үй-бүлөлүк зомбулукту жана мажбурлап никеге тургузууну кылмыш жоопкерчилигине киргизүү аркылуу бул багыттагы укуктук коргоону дагы күчөттү, атап айтканда, «экономикалык зомбулукту» өзүнчө категория катары киргизген Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана андан коргоо жөнүндө мыйзама (2017, 2024-жылы өзгөртүүлөр киргизилген) ылайык камсыздалды. Кыргыз Республикасы ошондой эле Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) Жумуш ордундагы зомбулук жана басмырлоо жөнүндө №190 Конвенциясын ратификациялоо жана Балдардын жана мажбурлап никеге тургузуунун алдын алуу боюнча Улуттук иш-аракеттер планын (2023–2024-жж.) иштеп чыгуу аркылуу бул багытта лидерлик позициясын көрсөттү. Бул жетишкендиктерге карабастан, аларды иш жүзүндө жүзөгө ашырууда бир катар көйгөйлөр бар. Атап айтканда, гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алган бюджетти түзүү системасынын толук калыптана электиги жана репродуктивдик укуктарды коргоого багытталган мыйзамдардын жакында жокко чыгарылышы сексуалдык жана репродуктивдик ден соолук кызматтарына кеңири жеткиликтүүлүктүн кепилдиктерин начарлаткан. Гендердик аспектилерди эске алган бюджетти түзүү боюнча пилоттук долбоорлор жана мобилдик маалыматтык-агартуу демилгелери сыяктуу учурдагы аракеттер Кыргыз Республикасындагы бардык аялдар менен кыздар үчүн укуктук милдеттенмелерди иш жүзүндөгү мүмкүнчүлүктөргө айландырууга болгон мамлекеттик милдеттенмени көрсөтүп турат (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025).

Бул милдеттенмелерге карабастан, Кыргыз Республикасы Дүйнөлүк банктын «Аялдар, бизнес жана мыйзам» (АБМ) индексинде да, Дүйнөлүк экономикалык форумдун Глобалдык гендердик ажырым индексинде да (ГГАИ) аймактык орточо көрсөткүчтөрдөн төмөн орунда калууда. АБМ 76.9/100 упайы менен өлкө мобилдүүлүк, жумуш орду, эмгек акы, ника, ишкердик жана активдер көрсөткүчтөрү боюнча кемчиликсиз жыйынтыктарга жетишти (Дүйнөлүк банк тобу, 2024). Бирок мыйзамдарда олуттуу укуктук боштуктар сакталууда. 2025-жылдын башына чейин, мыйзамдар аялдарды зыяндуу деп классификацияланган кесиптерде иштөөгө тыюу салуу аркылуу өндүрүштүк жумуштарга жетүү мүмкүнчүлүгүн чектеп келген, бул аялдар менен эркектерге ар башкача мамиле кылган жөнгө салуучу мамилени чагылдырат (Дискриминацияга каршы борбор, 2025). Андан тышкары, бирдей эмгек акы төлөөнү мыйзамдык жактан милдеттендирген талаптар жана кепилденген акы төлөнүүчү ата-энелик өргүү боюнча жетиштүү укуктук нормалар дагы эле жок. Мындай механизмдер аялдардын бала төрөгөндөн кийин эмгек рыногуна туруктуу катышуусун камсыз кылууда маанилүү болуп саналат (Дүйнөлүк банк тобу, 2024). Ушуга байланыштуу, реформаларды талап кылган негизги багыттар болуп эмгек акы, ата-энелик укуктар жана пенсиялык камсыздоо калууда. Укуктук жана колдоочу саясий чөйрөлөрдөгү туруктуу кемчиликтерден жана формалдык укуктарды аялдар үчүн реалдуу экономикалык мүмкүнчүлүккө айландыруунун чектелүү мүмкүнчүлүгүнөн улам бул упай акыркы жылдары өзгөрүүсүз калды. Тыюу салынган жумуштардын толук тизмеси 2025-жылы жоюлганына карабастан, кош бойлуу жана эмчек эмизген аялдарга карата айрым чектөөлөр сакталып калууда. Ал эми милдеттүү түрдө бирдей эмгек акы төлөөнүн жана тиешелүү ата-энелик өргүү схемаларынын жоктугу аялдардын жумушчу күчүнө катышуусун жана карьералык өсүшүн дагы эле чектей берүүдө. Кошумчалай кетсек, гендердик теңчилик боюнча мыйзамдардын жетиштүү деңгээлде аткарылбаганы жана аларды толуктаган колдоо чараларынын чектелүү болушу мыйзамдардагы гендердик ажырымды кыскартуу боюнча прогрессти жайлатууда.

Ушундай эле көрүнүш ГГАИ баалоосунда да байкалат. Кыргыз Республикасы 148 өлкөнүн арасында 95-орунду ээлейт, 2024–2025-жылдар аралыгында беш сапка төмөндөгөн, бул негизинен экономикалык катышуу жана мүмкүнчүлүктөр боюнча суб-индекстин көрсөткүчтүн 19 сапка төмөндөшү менен байланыштуу. Ошентсе да, өлкө башка багыттар боюнча салыштырмалуу жогорку көрсөткүчтөрдү сактап калууда, билим алуу деңгээли жана ден соолук жана жашап кетүү көрсөткүчтөрү боюнча 1-орунду ээлейт (Дүйнөлүк экономикалык форум, 2025). Бул карама-каршы көрсөткүчтөр аялдар менен эркектердин абалы салыштырмалуу тең болгону менен, жумуш менен камсыз кылуудагы жана социалдык коргоодогу структуралык тоскоолдуктар аялдардын толук экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө тоскоол боло берээрин көрсөтүп турат.

Саясаттарды, мыйзамдарды жана кабыл алынган милдеттенмелерди натыйжалуу ишке ашыруудагы тоскоолдуктар

Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликти камсыз кылууга багытталган бекем укуктук жана саясий база, анын ичинде 2030-жылга чейинки Улуттук гендердик теңчилик стратегиясы бар болгонуна карабастан, бул милдеттенмелерди туруктуу жана практикалык натыйжаларга айландырууда олуттуу кыйынчылыктар сакталып калууда. Гендердик талдоону милдеттүү түрдө жүргүзүү жана репродуктивдик укуктар боюнча мыйзамдардын жокко чыгарылышы сыяктуу акыркы саясаттык өзгөрүүлөр гендердик

маселелерди системалуу түрдө бардык тармактарга интеграциялоону татаалдаштырып, сексуалдык жана репродуктивдик саламаттыкты сактоо боюнча комплекстүү кызмат көрсөтүүлөргө болгон айрым кепилдиктерди жокко чыгарды. Гендердик теңчиликке багытталган бюджеттик каражаттарды көзөмөлдөөнүн улуттук системасынын жоктугу көптөгөн программалардын донордук каржылоого көз каранды экенин билдирет. Бул алардын узак мөөнөттүү туруктуулугуна таасир этиши мүмкүн. БУУнун мониторинг жүргүзүүчү органдары ошондой эле дискриминацияга каршы мыйзамдарды кабыл алуунун кечиктирилиши, «салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктар» сыяктуу кеңири жана так эмес түшүнүктөрдүн колдонулушу, ошондой эле аялдардын сот адилеттигине жетүүсүндөгү тоскоолдуктар сыяктуу көйгөйлөр дагы деле бар экенин белгилешет (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025).

Аялдардын үй-бүлөдөгү чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү болушу, саясий милдеттенмелерди иш жүзөгө ашырууга кошумча тоскоолдук жаратат. Акыркы улуттук убакытты пайдалануу боюнча маалыматтарга ылайык, аялдар күнүнө акы төлөнбөгөн үй жумуштарына жана кам көрүү иштерине орточо 260 мүнөт, ал эми эркектер 55 мүнөт сарпташат. Бул аялдарды үй менен гана чектеп, лидерлик ролдорго же окутуу мүмкүнчүлүктөрүнө катышуусун чектеген гендердик нормаларды бекемдейт (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, 2021). Терең тамыр жайган патриархалдык түшүнүктөр, анын ичинде жаңы келиндерге карата «келин» салты, жаңы турмушка чыккан аялдарга кошумча эмгек милдеттерин, көзөмөлдү жана эмоционалдык басымды жүктөйт, бул көп учурда психологиялык же физикалык зомбулукка алып келиши мүмкүн (Жусупбек, 2021). Мындай калыптанып калган социалдык нормалар гендердик сезимтал айылды өнүктүрүү жана климаттык саясатты ишке ашырууну олуттуу түрдө начарлатат.

Бир катар негизги багыттар боюнча саясат менен практиканын ортосундагы айырмачылык айкын көрүнүп турат. Гендердик квоталар жергиликтүү кеңештердеги шайланган аялдардын өкүлчүлүгүн көбөйтүүгө өбөлгө түзгөнү менен, дайындалуучу жетекчилик кызматтарда аялдардын өкүлчүлүгү дагы эле төмөн бойдон калууда жана алар экономикалык чектөөлөргө дуушар болууда (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Акыркы жылдары аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээли төмөндөп, алардын көбү айлык акысы төмөн тармактарда же расмий эмес жумуштарда иштеп, бул эмгек акыдагы туруктуу гендердик ажырымдын сакталып калышына алып келүүдө. Акыркы жылдары аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлинин төмөндөшү байкалууда, аялдардын олуттуу бөлүгү эмгек акысы төмөн тармактарда жана расмий эмес сектордо иштейт, натыйжада эмгек акысындагы гендердик ажырым сакталып калууда. Аялдар үй-бүлөдө акы төлөнбөгөн кам көрүү милдеттеринин негизги бөлүгүн аткаруу менен бирге, мүлккө ээлик кылууда жана ишкердикте артта калууда, ошондой эле жер пайдалануу маселелери боюнча чечим кабыл алуу түзүмдөрүндө жетишсиз деңгээлде көрсөтүлгөн. Санариптик инклюзия маселеси да, айрыкча айыл жериндеги аялдар арасында, актуалдуу бойдон калууда: алар интернетке жеткиликтүүлүктүн төмөндүгү жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) жана техникалык билим берүү тармактарына катышуунун чектелүүлүгү сыяктуу тоскоолдуктарга туш болушат. Гендердик зомбулук олуттуу көйгөй бойдон калууда: кризистик борборлордун камтуу деңгээли чектелүү, алдын алуу стратегиялары бирдей деңгээлде ишке ашырылбайт, ал эми сот адилеттигине жетүү процесстери жай жүрүшү мүмкүн. Мындан тышкары, технологиянын жардамы менен жасалган зомбулук учурлары барган сайын көбүрөөк белгиленүүдө (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү аялдар жана ЛГБТИК+ адамдар коргоого жетүүдө кошумча тоскоолдуктарга кабылышат. Сексуалдык жана репродуктивдик ден соолук кызматтарына жеткиликтүүлүк саламаттык сактоо системасындагы түзүмдүк чектөөлөрдүн таасиринде болуп, энелердин өлүмүнүн көрсөткүчү аймактык орточо деңгээлге салыштырмалуу дагы эле жогору бойдон калууда.

АЧТБЖП тармактарындагы аялдар

Айыл чарбасы

Айыл чарбасы Кыргыз Республикасындагы айыл тургундарынын жашоо-тиричилигинин негизин түзөт, калктын үчтөн эки бөлүгү айыл жергесинде жашайт жана иштеген аялдардын 46% айыл чарба секторунда эмгектенет. Бирок 2025-жылдын башына чейин аялдарга мыйзам боюнча айыл чарба техникасынын оператору жана тракторист болуп иштөөгө тыюу салынган. Бул кызматтар тармактагы эмгек акысы салыштырмалуу жогору жана атайын көндүмдөрдү талап кылган жумуштардын катарына кирет. Эскирген эмгек ченемдерине негизделген бул чектөө аялдардын механикалаштырылган айыл чарбасына жеткиликтүүлүгүн чектеп, кесиптик бөлүнүүнү күчөткөн. 2025-жылдын башында бул тыюу салуунун жоюлушу айыл чарбасындагы эмгек чөйрөсүндө гендердик теңчиликке карай олуттуу кадам болуп, аялдарга тармактын бардык багыттарына толук кандуу катышууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты (Дискриминацияга каршы борбор, 2025).

Кезектеги үй жумуштары жана кам көрүү эмгеги менен айкалышкан өсүмдүк өстүрүү, мал чарбачылыгы жана тамак-ашты кайра иштетүү иштерине олуттуу салым кошконуна карабастан, Кыргыз Республикасынын айыл жерлериндеги аялдар дагы эле туруктуу теңсиздиктерге дуушар болушат. Акыркы

улуттук статистикага ылайык, аялдар жер тилкелеринин 18,5% гана ээлик кылышат, ал эми 428 миңден ашык иштеп жаткан дыйкан чарбаларынын ичинен 20,2%ы гана аялдар тарабынан башкарылат (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Салттуу нормалар жана мураска байланышкан практикалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында мүлккө жана мураска ээ болууда аялдар менен эркектердин тең укуктары кепилденгенине карабастан, жер жана өндүрүштүк активдер, адатта, эркек туугандарга өткөрүлүп берилишине алып келет. Натыйжада аялдар үй-бүлөгө таандык мүлккө көз каранды болуп, насыя алууда же айыл чарба ишканаларына инвестиция салууда чектөөлөргө туш болушат. Мүлккө байланышкан чектөөлөрдөн тышкары, банк системасындагы түзүмдүк тоскоолдуктар мисалы, күрөөгө талаптардын оордугу, насыя алуу жол-жоболорунун татаалдыгы жана чакан аял дыйкандарга ылайыкташтырылган финансылык продуктулардын жетишсиздиги, аялдардын өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга же климатка туруктуу технологияларга инвестиция салуу мүмкүнчүлүгүн дагы да чектейт. Айыл чарбасында аялдардын эмгек акысы акыркы мезгилде эркектердин деңгээлине жакындаганы менен, аялдардын басымдуу бөлүгү өз алдынча иштеген же акы төлөнбөгөндөр бойдон калууда, алар негизинен үй-бүлөлүк чарбаларда жана туугандары үчүн иштешет. Аялдар жетектеген ишканалар көбүнчө өсүү мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон өтө чакан ишканалардын катарына топтолгон. Ири ишканаларда аялдардын өкүлчүлүгү дагы эле төмөн болуп, айыл чарба тармагында 0%дан, кызмат көрсөтүү секторунда 32,2%га чейин түзөт (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Айыл чарба ресурстарына, кеңеш берүү кызматтарына жана рыноктук мүмкүнчүлүктөргө жетүү чектелген мобилдүүлүк, убакыттын жетишсиздиги жана техникалык окутуунун жоктугу менен дагы да чектелет. Бул айырмачылыктар түшүмдүүлүктүн туруктуу ажырымына жана экономикалык аялуулукка, өзгөчө аялдар башчылык кылган үй-бүлөлөрдө салым кошот (ФАО, 2016).

Токой чарбасы

Кыргыз Республикасында токой чарбасы калктын жашоо-турмушун камсыз кылуунун, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоонун жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатуунун маанилүү булагы болуп саналат. Бул тармакта аялдардын токойлорду башкаруу жана коргоо иштеринде ролу барган сайын өсүп жатканы менен, алардын салымы көп учурда жетиштүү деңгээлде бааланбай келет. Аялдар салттуу билимдерине жана жергиликтүү тармактарга таянып жаңгак токойлорун, мөмө-жемиш бактарын жана коомчулук тарабынан башкарылган токой аянттарын туруктуу пайдаланууга жана сактоого олуттуу салым кошуп, иш алып барышат (Элиас ж.б., 2018; Глобалдык Токой Коалициясы, 2020).

Ошол эле учурда аялдар токой ресурстарына болгон укуктарды коопсуз жана туруктуу бекемдөөдө, ошондой эле токойлорду башкарууга катышууда туруктуу тоскоолдуктарга туш болушат. Токой жерлерин ижарага алуу келишимдеринин көбү улгайган эркектердин колунда болуп, аялдар чечим кабыл алуучу органдарда жана токой пайдалануучулар топторунда жетиштүү деңгээлде өкүлчүлүккө ээ эмес (ЭТЧИБ, 2023; Биологиялык ар түрдүүлүк, 2014). Бул кыйынчылыктарга карабастан, аялдар жетектеген кооперативдер жана коомдук топтор токой продукцияларынын нарк чынжырларында инновацияларды өнүктүрүүдө маанилүү рол ойноодо. Алар жаңгактарды жана мөмөлөрдү жыйноодон жана кайра иштетүүдөн тартып, аларды сатууга жана ишкердикти өнүктүрүүгө чейин түрдүү багыттарда иш алып барышууда (БУУӨП, 2021). Эл аралык долбоорлор жана изилдөөлөр токой чарбасында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үй-бүлөнүн кирешесин жана азык-түлүк коопсуздугун жакшыртуу менен гана чектелбестен, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоону жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн да чыңдай турганын баса белгилейт (ФОА жана ЖКФ, 2025).

Башка жер пайдалануу багыттары

Кыргыз Республикасындагы аялдардын жайыттарды, чөп чабыктарды жана башка коомдук жерлерди башкарууда жана пайдалануда ролу маанилүү, бирок алардын салымы көп учурда жетиштүү деңгээлде бааланбай келет. Жайыттар айыл жериндеги калктын жашоо-турмушун камсыз кылууда маанилүү орунду ээлеп, калктын көпчүлүгү үчүн мал чарбасын өнүктүрүүгө жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга шарт түзөт (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Бирок аялдар жерди пайдалануну башкаруу процесстерине катышууда жана жетекчилик ролдорду аткарууда олуттуу тоскоолдуктарга туш болушат. Расмий жана расмий эмес чечим кабыл алуу механизмдерине аялдардын катышуусу дагы эле чектелүү болуп, бул жайыттарды жана токой ресурстарын бөлүштүрүү жана башкаруу боюнча чечимдерге аялдардын таасирин азайтат. Бул механизмдер мал жаюу укуктарын, ресурстарды бөлүштүрүүнү жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоону чечүүдө өтө маанилүү, бирок салттуу ээлик кылуу системалары жана жер ээлик кылуу талаптары көбүнчө аялдардын маанилүү чечимдерди кабыл алуу процесстерине толук кандуу катышуусуна жол бербейт. Өсүмдүк өстүрүүчү айыл чарбасынан айырмаланып, анда аялдар жумушчу же чарба жетекчиси катары белгилүү деңгээлде көрүнүктүү болушу мүмкүн, жайыттарды туруктуу башкарууга, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого жана коомдук ресурстарды башкарууга кошкон аялдардын салымы көбүнчө расмий эмес мүнөздө болуп, жетиштүү деңгээлде таанылбай келет (ФОА жана ЖКФ, 2025). Аялдардын жерди башкаруу түзүмдөрүнө, муниципалдык ишканаларга жана техникалык кеңеш берүү кызматтарына чектелүү катышуусу айдоо иштерин уюштуруу, тоют даярдоону пландаштыруу жана мал жаюу боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болгон климаттык маалыматтарды өз убагында алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Бул өз кезегинде алардын өзгөрүп жаткан экологиялык шарттарга ыңгайлашуу жөндөмүн төмөндөтөт.

Ошого карабастан, аялдардын салттуу экологиялык билими жана коомчулукту уюштуруу жаатындагы тажрыйбасы бул аймактардын туруктуулугун камсыз кылууда маанилүү ресурс катары барган сайын көбүрөөк таанылууда. Эл аралык долбоорлор жана жергиликтүү демилгелер аялдардын жайыт пайдалануучулар топторуна жана коомдук жерлерди башкаруу процесстерине катышуусун колдой баштады. Бирок ресурстарга жеткиликтүүлүк, жетекчилик ролдорду аткаруу жана алынган пайдалар боюнча гендердик ажырымды жоюу бул сектордун туруктуу жана адилеттүү өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн дагы эле маанилүү артыкчылык болуп саналат (ФОА жана ЖКФ, 2025; Глобалдык Токой Коалициясы, 2020).

Климаттын өзгөрүшү жана гендердик теңчилик

Кыргыз Республикасынын акыркы улуттук деңгээлде аныкталган салым(Кыргыз Республикасы, 2025) климаттын өзгөрүшүнүн таасири гендердик жактан нейтралдуу эместигин ачык тааныйт. Учурда иштелип жаткан Улуттук адаптация планы (УАП) климаттык аракеттердин бардык багыттарына гендердик теңчиликти жана социалдык инклюзияны интеграциялоо принциби менен башкарылат. Айрыкча айыл жерлеринде жана тоолуу аймактарда жашаган аялдар жерге, каржыга, сууга, энергияга жана билим алууга жеткиликтүүлүктөгү туруктуу теңсиздиктерден улам экстремалдык аба ырайынын кубулуштарынын таасирине пропорционалдуу эмес деңгээлде көбүрөөк дуушар болушат. Мындай айырмачылыктар үй-бүлөлөрдүн климаттык өзгөрүүлөргө туруктуулугуна жана жалпы экономикага олуттуу таасирин тийгизет, анткени аялдар айыл чарбасында, жаратылыш ресурстарын башкарууда жана кам көрүү иштеринде негизги ролдорду аткарышат (Кыргыз Республикасы, 2025; БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025).

Иш жүзүндө аялдардын өндүрүштүк жана үй-бүлөлүк муктаждыктарга байланышкан иш-аракеттер үчүн жаратылыш ресурстарына көз карандылыгы аларды климаттык шарттардын туруксуздугуна өзгөчө аялуу кылат. Узакка созулган кургакчылыктар тарыхый түрдө үй-бүлөлүк азык-түлүк коопсуздугунун төмөндөшүнө жана жетишсиз тамактануунун алып келди, ал эми катуу суу ташкындары түшүмдү жана инфраструктураны талкалап, суу аркылуу жугуучу оорулардын көбөйүшүнө өбөлгө түзүп, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана базарлар сыяктуу маанилүү кызматтарга жетүүнү кыйындатат. Бул таасирлер аялдарга көбүрөөк жүктөлөт, анткени алар, адатта, үй-бүлөсүн суу, отун жана азык-түлүк менен камсыз кылуу үчүн жооптуу болуп, акы төлөнбөгөн үй жана кам көрүү иштеринин негизги бөлүгүн аткарышат (БУУ Аялдар Кыргызстан, 2025). Бул кеңири топтун ичинде кош бойлуу аялдар, үй-бүлө башчысы болгон аялдар, улгайган аялдар жана мектеп окуучулары өзгөчө аялуу болуп саналат. Белгилей кетчү нерсе, акыркы маалыматтар климатка байланыштуу соккулар, анын ичинде өтө ысык аба ырайы жана суу ташкындары айыл жериндеги энелик жана репродуктивдүү саламаттык сактоо кызматтарынын бузулушу менен байланыштуу экенин көрсөтүп турат, бул аялдардын кам көрүүгө болгон бар тоскоолдуктарын күчөтүп, климаттык өзгөчө кырдаалдар учурунда ден соолукка байланыштуу аялуулукту жогорулатат (БУУКЖФ, 2025). Ал эми эркектер үй-бүлөлүк милдеттерге анча байланбагандыктан, климаттык кырсыктардан кийин көбүнчө киреше издеп миграцияга кетишет, бул аялдарга кошумча жумуш жүгүн жана мурда эркектер тарабынан башкарылган милдеттерди камтыган жаңы жоопкерчиликтерди калтырат. Бул динамика учурдагы гендердик теңсиздикти күчөтүп, аялдардын климаттык тобокелдиктерге каршы аялуулугун арттырышы мүмкүн.

Ал эми эркектер үй-бүлөлүк жана үй чарбасындагы милдеттерге азыраак байланып, климаттык кырсыктардан кийин киреше табуу үчүн көп учурда эмгек миграциясына кетишет. Натыйжада аялдардын жумуш жүгү көбөйүп, буга чейин эркектер аткарып келген милдеттерди кошо аткарууга туура келет. Мындай жагдай буга чейин орун алган гендердик теңсиздиктерди күчөтүп, аялдардын климаттык тобокелдиктерге болгон аялуулугун дагы жогорулатышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын акыркы УДС 3.0 документинде жана учурда иштелип жаткан Улуттук адаптация планында (УАП) климаттык аракеттерде гендердик теңчиликтин жана социалдык инклюзиянын маанилүүлүгүнө өзгөчө басым жасалат. УАП азырынча иштелип чыгуу баскычында турганы менен, УДС 3.0 адаптацияны пландаштырууда гендердик аспектилерди интеграциялоо боюнча так милдеттенмелерди белгилейт. Аларга кызыкдар тараптардын катышуусу жана түрдүү секторлордо гендердик сезимтал чараларды интеграциялоо каралган. УДС 3.0 климатка байланыштуу бардык ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна гендердик талдоо жүргүзүүнү, мониторинг системаларына гендердик көрсөткүчтөрдү киргизүүнү, ошондой эле адаптациялоо жана митигациялоо боюнча аялдардын бизнес-долбоорлорун колдоо үчүн атайын механизмдерди иштеп чыгууну талап кылат (Кыргыз Республикасы, 2025). Бул чаралар аялдардын уюмдарын кошкондо, кызыкдар тараптардын катышуусуна негизделген жана БУУнун Климаттын өзгөрүшү боюнча алкактык конвенциясынын (БУУКӨАК) Гендердик иш-аракеттер планына шайкеш келет.

2.1.2 Укуктук база, саясат жана кызыкдар тараптардын чөйрөсү

Кыргыз Республикасынын гендердик теңчилик боюнча милдеттенмелери Конституцияда бекитилген кепилдиктерде, гендердик теңчиликке багытталган атайын мыйзамдарда, узак мөөнөттүү гендердик стратегияларда, ошондой эле климат жана жашыл экономика боюнча тармактык саясаттарда жана күн тартибинде чагылдырылган. Климатка байланыштуу акыркы инструменттерде, атап айтканда, УДС 3.0, 2025 документинде, ошондой эле иштелип жаткан Улуттук адаптация планында (УАП) гендердик теңчилик бардык багыттарды камтыган негизги принцип катары каралып, климаттык аракеттер менен айыл жериндеги калктын жашоо-турмушун жана айыл чарбасын байланыштыруу барган сайын күчөтүлүүдө.

Улуттук инструменттер жана милдеттенмелер

1-таблица: Кыргыз Республикасындагы укуктук жана саясаттык чөйрө

Инструмент	Тиешелүү мазмуну
Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2010)	Теңдикти жана басмырлоого жол бербөөнү бекемдейт, ошондой эле жаратылыш ресурстарын башкаруу, айыл чарбасы жана климаттык аракеттерди кошкондо, бардык тармактарда гендердик аспектилерди эске алган саясатты иштеп чыгуу үчүн укуктук негиз түзөт.
Эркектер менен аялдардын тең укуктарын жана тең мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуунун мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө мыйзам *(2008-ж.; мурунку 2003-жылдагы мыйзамдын негизинде)*	Гендердик теңчиликти аныктайт, басмырлоого тыюу салат, гендердик статистиканы жүргүзүүнү, мыйзамдарга гендердик экспертиза жүргүзүүнү жана мамлекеттик органдарда аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгүн камсыз кылууну талап кылат. Бул айыл чарба, айлана-чөйрө жана климаттык саясатта гендердик сезимталдуулукту эске алган башкарууну камсыз кылуучу маанилүү механизмдер болуп саналат.
2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегия *(кезектеги улуттук иш-аракеттер пландары менен бекитилген: 2022–2024-жылдардагы план ишке ашырылды; 2025–2027-жылдарга карата долбоор талкууланууда)*	Аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана саясий катышуусун жогорулатуу сыяктуу беш артыкчылыктуу багытты аныктайт; гендердик статистиканы жана мониторингди өнүктүрүүгө багыт берет. Ошондой эле Туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) шайкеш гендердик көрсөткүчтөрдү стандартташтыруу жана айыл жериндеги, климаттык тобокелдиктерге көбүрөөк дуушар болгон калк үчүн маанилүү болгон улуттук гендердик маалымат системаларын күчөтүү боюнча иштер улантылууда.
Жаңыртылган улуттук деңгээлде аныкталган салым	Гендердик теңчиликти жана инклюзияны бардык багыттарды камтыган негизги принциптер катары белгилейт; 2035-жылга чейинки адаптация чараларын, анын ичинде айыл чарбасы, суу ресурстары жана айыл жерлеринин климаттык туруктуулугу боюнча тармактык компоненттерди аныктайт; документ инклюзивдүү улуттук диалогдун негизинде иштелип чыккан.
Улуттук адаптация планын (УАП) иштеп чыгуу процесси	Орто жана узак мөөнөттүү адаптацияны пландаштыруунун негизин түзөт; тармактык адаптация пландары айыл чарбасын жана сугат иштерин, саламаттык сактоону, биологиялык ар түрдүүлүктү, ошондой эле кырсыктарды жана өзгөчө кырдаалдарды башкарууну камтыйт. УАП учурда иштелип чыгууда, мында инклюзивдүү мамилелерге жана климаттык өзгөрүүлөргө жооп берген көрсөткүчтөрдү киргизүүгө басым жасалууда.
Жашыл экономиканы өнүктүрүү программасы	Жашыл айыл чарбасын, төмөнкү көмүртектүү транспорту жана климатка ылайыкталган өнөр жайды жайылтат; Премьер-министр жетектеген Жашыл экономика жана климаттын өзгөрүшү боюнча бирдиктүү координациялык кеңеш мамлекеттик органдардын ишин координациялоону жана саясаттардын шайкештигин күчөтөт.
Мамлекеттик климаттык башкаруу жана каржылоо механизмдери	Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги (ЖРЭжТКМ) Жашыл климаттык фонд (ЖКФ) боюнча улуттук ыйгарым укуктуу органы болуп саналат жана климаттык саясатты жетектейт; Министрлер Кабинетинин алдында иш алып барган Климаттык каржылоо боорбору (ККБ) Координациялык кеңештин катчылыгынын милдетин аткарат, климаттык каржылоону тартууга жана климаттык долбоорлорго ГТМСИни (гендердик теңчилик жана

	майыптыгы бар адамдарды жана социалдык инклюзияны камсыз кылуу) интеграциялоону колдойт.
Тармактык стратегиялар жана маалымат системалары (айыл чарбасы жана гендер)	Айыл чарба министрлиги тармактык реформаларды илгерилетүүдө. ФАОнун 2016-жылдагы гендердик баалоосу жана УСК менен БУУ-Аялдар уюму тарабынан жарыяланган статистикалык маалыматтар жер, эмгек жана айылдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча аялдар жана эркектер тууралуу маалыматтарды толуктоодо. Бул маалыматтар гендердик аспектилерди эске алган Климатка туруктуу айыл чарба жана АЧТБЖП багытындагы иш-чаралар үчүн өтө маанилүү негиз болуп саналат..
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №270 токтому (2021-жыл): Аялдардын ишкердигин колдоо жана өнүктүрүү программасы, 2022–2026-жылдар	Аялдардын ишкердигин өнүктүрүүгө жана каржылоого жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө багытталган чараларды колдойт. Программа чакан жана орто ишканаларга, ошондой эле айыл жериндеги калктын жашоо-турмушун камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурат. Бул чаралар аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, киреше булактарын диверсификациялоо жана климаттык тобокелдиктерге дуушар болгон айылдык жана айыл чарба жамааттарынын туруктуулугун жогорулатуу үчүн маанилүү.

Булак: Автордун иштеп чыгуусу

Негизги кызыкдар тараптар

Төмөнкү таблицада гендердик теңчилик, климат жана жер пайдалануу башкаруу маселелерине тиешелүү улуттук деңгээлдеги саясатты иштеп чыгууга, координациялоого жана тиешелүү шарттарды түзүүгө катышкан негизги институттарга жалпы сереп берилет. Тармактык министрликтер жана жергиликтүү бийлик органдары ишке ашырууда маанилүү рол ойнойт жана алар жөнүндө Каржылоого сунуштаманын башка бөлүмдөрүндө кеңири маалымат берилет.

2-таблица: Кыргыз Республикасындагы кызыкдар тараптардын картасы

Кызыкдар тарап	Ыйгарым укуктары
Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги	Башка багыттар менен катар, аялдарга жана гендердик теңчиликке байланыштуу маселелерди чечүүдө негизги ролду аткарат. Ошондой эле БУУ Аялдар сыяктуу уюмдар менен кызматташууну координациялайт жана 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегия сыяктуу улуттук стратегияларды ишке ашырууга катышат.
Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги (ЖРЭжТКМ)	Климаттын өзгөрүшү, айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын башкаруу боюнча саясатты жетектейт; климаттык саясат жана эл аралык кызматташтык боюнча атайын бөлүмдөрү бар; Жашыл климаттык фонддун (ЖКФ) Улуттук дайындалган органы (УДО) катары иш алып барат. Климат, айлана-чөйрө жана экология маселелерин секторлор аралык интеграциялоону координациялайт, анын ичинде гендердик теңчилик жана социалдык инклюзия аспектилерин эске алуу менен УДС жана УАП процесстерин координациялоону жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.
Климаттык каржылоо борбору (ККБ)	Жашыл экономика жана климаттын өзгөрүшү боюнча координациялык кеңештин Катчылыгынын милдетин аткарат; климаттык долбоорлордун улуттук портфелин иштеп чыгат жана климатты каржылоону мобилизациялоону илгерилетет. Ошондой эле климаттык инвестицияларга жана долбоорлорду иштеп чыгууга ГТМСИ аспектилерин интеграциялоодо координациялык рол ойнойт, бирок аны ишке ашыруу ар бир долбоордун өзүнөн көз каранды.
Суу ресурстары, айыл чарбасы жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги	Айыл чарба өсүмдүктөрү, мал чарбасы, сугат, жер жана жайыттарды башкаруу боюнча тармактык саясатты жетектейт; климатка туруктуу айыл чарба (КТАЧ) жана айыл аймактарын өнүктүрүү программаларын ишке ашырат. Айыл жергесиндеги аялдардын жерге, консультацияларга, базарларга, сууга жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуу жашоо каражаттарына жеткиликтүүлүгүнө, анын ичинде АЧТБЖП менен байланышкан иш-чараларга түздөн-түз таасирин тийгизет.
Министрлер Кабинетинин алдындагы Үй-бүлө, гендердик өнүгүү, социалдык коргоо жана балдардын укуктары боюнча улуттук кеңеш	Социалдык коргоо жана балдардын укуктарын коргоо боюнча чаралардын ишке ашырылышын координациялайт жана мониторинг жүргүзөт; ник жана үй-бүлө институтун, аталыкты, энеликти жана балалыкты чыңдоонун негизинде үй-бүлөлүк баалуулуктарды бекемдөөгө жана жайылтууга көмөктөшөт. Гендердик басмырлоого

	жана зомбулукка каршы күрөшүүгө, турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоого, гендердик өнүгүүнү жана аялдардын лидерлигин, социалдык жана аялдар ишкердигин илгерилетүүгө, аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана тынчтык менен коопсуздукту камсыз кылууда аялдардын ролун күчөтүүгө салым кошот.
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин алдындагы Аялдардын укуктары боюнча кеңеш	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу функциясынын алкагында аялдардын жана балдардын укуктарын камсыз кылуу үчүн мыйзамдык базаны өркүндөтүүгө көмөктөшүү; - Улуттук саясатта жана мамлекеттик программаларда гендердик ыкмаларды жана баланын кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциптерин ишке ашырууга көмөктөшөт, ошондой эле балдардын жана аялдардын укуктарын коргоону камсыз кылууга багытталган. - Кыргыз Республикасынын аялдардын жана балдардын укуктарын коргоо жана гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча эл аралык милдеттенмелерин аткарууда мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтөт, анын ичинде Аялдардын укуктары жөнүндө конвенциянын, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциянын жана Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын алкагындагы милдеттенмелерди аткарууга көмөктөшөт.

Булак: Автордун иштеп чыгуусу

3. Программалык деңгээлдеги гендердик талдоо

2-бөлүмдөгү улуттук деңгээлдеги талдоолор жергиликтүү деңгээлдеги гендердик жана социалдык инклюзия маселелеринин негизин түзгөн гендердик аспектилерди деталдуу баалоого негиз болуп саналат. Бул бөлүм үч өлкөнүн тандалып алынган аймактарындагы гендердик мамилелерди жана социалдык динамиканы карап чыгып, аялдар туш болгон эң олуттуу гендердик ажырымдар жана көйгөйлөр, ошондой эле алар үчүн оң натыйжаларды камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө максаттуу маалымат берет.
Бөлүмдө кызыкдар тараптарга багытталган мамилени колдонуунун жыйынтыктары сүрөттөлөт (бул жогоруда келтирилген улуттук деңгээлдеги маалыматтарды жана адабияттарга сереп салууну толуктайт) жана Программанын Гендердик теңчилик жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планын (0-бөлүм) иштеп чыгуу үчүн негиз катары кызмат кылат.

3.1 Ыкма

2026-жылдын февраль айында болжолдонгон программалык аймактын түрдүү географиялык жана жерди пайдалануу өзгөчөлүктөрүн чагылдырган, ар бир өлкөдөн тандалып алынган экиден райондо эки күндүк кызыкдар тараптардын катышуусундагы жолугушуулар уюштурулду. Биринчи күн программанын бардык багыттарын камтыган көп максаттуу семинар катары уюштурулуп, ага жергиликтүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү - аялдар, эркектер жана жаштар; аялдар комитеттери; жаштар комитеттери; жергиликтүү банк мекемелери; жайыт пайдалануучулардын бирикмелери; токой чарбасынын өкүлдөрү; суу пайдалануучулар ассоциациялары; жергиликтүү ӨЭУлар; ошондой эле айыл чарба, айлана-чөйрөнү коргоо жана билим берүү тармактарынын өкүлдөрү катышты[1]. Күн тартибине программанын бардык негизги компоненттери киргизилип, түштөн кийинки экологиялык жана социалдык стандарттар (ЭСКЧ) жана гендердик сессиялар үчүн зарыл болгон контекстти түздү. Бул сессияларды жергиликтүү тажрыйбалуу социолог-аялдар алып барды. Гендердик сессия үч бөлүктөн турду: 1) киришүү презентациясы, анда ЖКФтин Гендердик тиркемесинин максаты түшүндүрүлүп, документтерди изилдөөнүн негизги жыйынтыктары берилди; 2) пленардык талкуу, анда катышуучулардын учурдагы жер пайдалануу практикасында аялдардын, эркектердин жана жаштардын ролдору жана милдеттери боюнча пикирлери талкууланды; жана 3) чакан топтордогу талкуу, анда катышуучулар төрт негизги гендердик багыт боюнча пикир алышуу үчүн чакан топторго бөлүнүштү: практикалар жана катышуу; билим, түшүнүктөр жана социалдык нормалар; укуктук жана салттуу укуктар жана статус; бийлик, чечим кабыл алуу жана активдерге жана финансылык ресурстарга жеткиликтүүлүк. 1-тиркемеде бул топтук талкууларды багыттоо үчүн колдонулган иш баракчалары камтылган.

Экинчи күн тандалып алынган адамдар менен негизги маалымат берүүчүлөрдүн маектерин (НМБ) жана фокус-топтук талкууларды (ФТТ) өткөрүүгө багытталды. Талкуулар ЭСКЧге жана гендердик маселелерге өзгөчө көңүл буруу менен жүргүзүлдү. Ар бир райондо аялдар үчүн өзүнчө фокус-топтук талкуулар өткөрүлүп, анда аялдардын жана жаштардын пландаштырылган программанын иш-чараларына маңыздуу

[1] Бул кеңири өкүлчүлүктү камсыз кылуу үчүн түзүлгөн топ. Катышуучулардын курамы ар бир өлкөнүн өзгөчө шарттарына жараша айырмаланган.

катышуусун, мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсүн жана өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн зарыл болгон гендердик өзгөчө муктаждыктар, тоскоолдуктар жана потенциалдуу колдоо чаралары талкууланды.

Бул талкууларды багыттоо үчүн төмөнкү суроолор колдонулду:

- Жер пайдалануу практикалары боюнча аялдар менен жаштардын маалыматка жана техникалык кеңеш берүү кызматтарга жеткиликтүүлүгүн кантип жакшыртууга болот?

- Аялдар жана жаштар жетектеген туруктуу кооперативдерди жана чакан, орто ишканаларды (ЧОИ) түзүү үчүн кандай колдоо керек?

- Аялдардын киреше алып келүүчү жер пайдалануу ишмердигине катышуусуна тоскоол болгон мобилдүүлүккө, убакыттын тартыштыгына жана үй-бүлөлүк милдеттерге байланышкан жүктү азайтуу үчүн кандай колдоо көрсөтүү зарыл?

- Аялдар менен жаштардын каржылоого (насыя алуу, топтоо эсептерин ачуу ж.б.) жана камсыздандыруу механизмдерине жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү үчүн кандай колдоо зарыл жана бул багытта кандай тоскоолдуктар бар?

- Аялдар менен жаштардын жамааттык, райондук жана саясатты аныктоо деңгээлдериндеги чечим кабыл алуу аянтчаларына катышуусун кантип жакшыртып, алардын үнүн кантип күчөтүүгө болот?

Жергиликтүү Аялдар иштери боюнча өкүлдөрү менен да негизги маалымат берүүчүлөрдүн маектери (НМБ) өткөрүлүп, анда ЭСКЧ жана гендердик маселелерге байланыштуу темалар камтылды.
Төмөнкү бөлүмчөлөрдө ушул жолугушуулардан алынган жыйынтыктар жалпыланып берилет. Алар өзгөчө учурдагы жер пайдалануу практикаларында аялдардын, эркектердин жана жаштардын ролдорун жана милдеттерин айырмалоого; климаттык жана экологиялык өзгөрүүлөрдүн/шарттардын бул жамааттардагы аялдарга тийгизген таасирине; аялдар менен жаштардын жер пайдалануу иш-чараларына катышуу мүмкүнчүлүгүнө таасир эткен көйгөйлөргө жана факторлорго; ошондой эле бул тоскоолдуктарды жоюуга же азайтууга багытталган потенциалдуу колдоо чараларына басым жасалат.
2-тиркемеде бул жыйынтыктар таблица түрүндө берилген.

3.2 Натыйжалар

3.2.1 Кыргыз Республикасы

Кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн жолугушуулардын жыйынтыктары Базар-Коргон жана Кара-Суу райондорунда аялдар менен жаштар айыл чарба эмгегинин олуттуу бөлүгүн камсыз кылып жатканын, ошол эле учурда гендердик ченемдердин чектөөлөрүнө жана климаттык басымдын күчөшүнө дуушар болуп жатканын көрсөттү. Катышуучулардын айтымында, аялдар үй чарбасынын деңгээлиндеги айыл чарбасында негизги рол ойношот. Алар көп учурда балдарга кам көрүү, үй-бүлөлүк милдеттер жана чакан өндүрүштү, анын ичинде үй жанындагы жер тилкелерин иштетүү жана мал багууну айкалыштырышат. Мындан тышкары, аялдар сезондук айыл чарба иштерине катышып, айрым учурларда эркектер эмгек миграциясына кеткенде чарбаны убактылуу өз алдынча башкарууга аргасыз болушат.
Жаштар, айрыкча өспүрүмдөр, пахта жыйноо сыяктуу эмгек көп талап кылган сезондук иштерде маанилүү рол ойношот, бирок алардын көбүнүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бойдон калууда. Мисалы, Кара-Суу районунда жаштардын эмгек миграциясына кетиши үй чарбаларынын аялуулугун жана туруксуздугун күчөтүп жатканы белгиленди.

Катышуучулардын айтымында, механизациянын киргизилиши айрым өсүмдүктөрдү өстүрүүдө аялдардын кол эмгегине болгон муктаждыкты азайткан, бирок алардын жалпы жумуш жүгүн жеңилдеткен эмес. Тескерисинче, аялдардын жумуш жүгү климатка байланыштуу басымдардын күчөшү менен барган сайын көбүрөөк аныкталууда. Айрыкча Кара-Суу районундагы аялдар суунун катуу тартыштыгын жана өтө ысык температураны белгилешкен. Бул шарттар алардын талаада иштөө мүмкүнчүлүгүн чектеп, картошка жана жүгөрүнүн түшүмдүүлүгүн төмөндөтүүдө. Жамааттын өкүлдөрү ошондой эле жайкы жайыттарда экологиялык деградация акырындап күчөп жатканын, анын ичинде мурда балдар тарабынан салттуу түрдө чогултулган жапайы чөптөрдүн азайганын белгилешти. Бул үй чарбаларынын жашоо каражаттарына таасир эткен кеңири экологиялык өзгөрүүлөрдүн белгиси катары каралат. Эки райондо тең катышуучулар терең тамырлаган социалдык-маданий ченемдерди аялдардын чечим кабыл алууга, окутууларга жана тышкы байланыштарга маңыздуу катышуусуна негизги тоскоолдуктардын бири катары белгилешти. Бул чектөөлөр өзгөчө Кара-Суу районунда ачык байкалат. Аялдардын айтымында, алар эркектердин алдында сүйлөбөйт, жыйындарга сейрек катышат, транспортту өз алдынча уюштура алышпайт жана талаада

өткөрүлүүчү иш-чараларга катышуу мүмкүнчүлүгү чектелүү. Эркектер басымдуулук кылган бийлик жана таасир түзүмдөрү, айрыкча коомдогу таасирдүү аксакалдар, бул чектөөлөрдү күчөтүүдө. Ошондой эле катышуучулар диний консерватизмдин күчөшү аялдардын коомдук жана экономикалык ролдорунун мейкиндигин дагы тарытып жатканын белгилешти.

Мындан тышкары, катышуучулар аялдардын катышуусуна таасир эткен практикалык чектөөлөрдү да белгилешти. Көпчүлүк аялдар окутууларга катышуу үчүн күйөөсүнөн же кайненесинен уруксат алууга аргасыз болушат. Ошондой эле балдарга кам көрүү милдеттери жана жерге же мүлккө болгон көзөмөлдүн чектелүү болушу алардын каржыга жеткиликтүүлүгүн жана чечим кабыл алууга катышуусун чектейт.
Айрым катышуучулар социалдык тобокелдиктерди, мисалы, программанын кызматкерлери менен болгон байланыштардан улам кызганычтын пайда болушун же үй-бүлөлүк чыр-чатактардын келип чыгышын белгилешти. Мындай жагдайлар аялдардын тышкы иш-чараларга коопсуз жана эркин катышуу мүмкүнчүлүгүнө таасирин тийгизет. Бул көйгөйлөр сырттан келген демилгелерге болгон ишенимдин төмөн деңгээлине алып келет. Натыйжада айрым аялдар жыйындарга жана башка иш-чараларга таптакыр катышпоону туура көрүшөт.

Бул чектөөлөргө карабастан, Базар-Коргон районундагы аялдар өздөрүнүн көндүмдөрүн жана ишенимин күчөтүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болуп жатканын белгилешти. Катышуучулар гендердик мектептерди, аялдар айыл чарбасы боюнча билимин жана техникалык компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган практикалык окутуудан өтүүчү жамааттык деңгээлдеги тренингдерди, ошондой эле аялдарды жергиликтүү биоинспекторлор катары иштөөгө даярдаган адистештирилген окутууларды айыл чарба боюнча билимди кеңейтүүнүн жана лидерлик потенциалын өнүктүрүүнүн маанилүү мүмкүнчүлүктөрү катары белгилешти. Катышуучулардын айтымында, бул демилгелер аялдардын техникалык компетенттүүлүгүн жогорулатып, алардын үй-бүлөдө жана кеңири жамаатта таанылышын акырындык менен күчөтүүдө. Катышуучулар айрым аялдар мамлекет тарабынан берилген финансылык колдоодон пайдалана баштаганын да белгилешти. Кара-Сууда аялдар 150 000 сом өлчөмүндөгү социалдык жөлөкпулду тигүү цехтерин, нан бышыруучу чакан ишканаларды же чакан мал чарба ишмердигин уюштурууга жумшап жатканын билдиришти. Мындан тышкары, кызыкдар тараптар менен болгон талкууларда «Айыл Банкы» аркылуу берилген мамлекеттик колдоодогу кредиттик линиялар, анын ичинде тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу системаларын каржылоого багытталган атайын кредиттер бар экени аныкталды. Алар климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу суунун тартыштыгын чечүү үчүн маанилүү механизм катары бааланды. Мүлкү бар жалгыз бой аялдар онлайн режиминде же күрөөсүз чакан кредиттерди алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экени, ал эми жаштар айрым учурларда ата-энесинин күрөөсүн пайдалануу аркылуу каржылоого жетише алары айтылды. Жергиликтүү институционалдык түзүмдөр да аялдардын колдоого, коргоого жана маалыматка жеткиликтүүлүгүн калыптандырууда маанилүү рол ойнойт. Аялдар кеңештери (Женсовет) жана Коомдук алдын алуу борборлору (КААБ) аялдар жардам издеп, көйгөйлөрүн көтөрүп, анын ичинде үй-бүлөлүк чыр-чатактар сыяктуу сезимтал маселелер боюнча тиешелүү кызматтарга жөнөтмө ала турган ишенимдүү механизмдер катары эки райондо тең бирдей белгиленди. Зарыл болгон учурда бул түзүмдөр социалдык кызматкерлер, айыл өкмөттөрү жана милиция менен кызматташат. Ошондуктан алар программаны жергиликтүү деңгээлде мобилизациялоо, даттанууларды жана кайрылууларды каroo, ошондой эле гендердик аспектилерди эске алган өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу үчүн негизги өнөктөштөр катары каралышы мүмкүн.

Бул жыйынтыктарды эске алуу менен катышуучулар маданий өзгөчөлүктөрдү эске алган жана гендердик аспектилерге жооп берген программалык колдоонун зарылдыгын баса белгилешти. Аялдар коопсуз жана маңыздуу катышууну камсыз кылуу үчүн аялдар үчүн өзүнчө мейкиндиктерди түзүүнүн жана ишенимге ээ ортомчулардын көмөгү менен иш алып баруунун маанилүүлүгүн белгилешти. Ошондой эле катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн транспорт, жол кире чыгымдарын компенсациялоо жана бир нече күнгө созулган окутуулар учурунда жайгашуу сыяктуу логистикалык тоскоолдуктарды чечүү зарылдыгы айтылды. Окутууга, каржылоого жана лидерлик мүмкүнчүлүктөрүнө тең жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, анын ичинде аялдар жетектеген кооперативдерди жана жаңыдан калыптанып жаткан окутуу мүмкүнчүлүктөрүн колдоо, аялдардын өз алдынчалыгын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү күчөтүү үчүн маанилүү болот. Мындан тышкары, Аялдар кеңештери жана КААБ түзүмдөрү менен тыгыз кызматташуу натыйжалуу мобилизациялоо, инклюзивдүү катышууну камсыз кылуу жана кайрылууларды купуя түрдө билдирүү үчүн өтө маанилүү экени бир нече жолу белгиленди.

3.2.2 Жыйынтыктоочу тыянактар жана жалпы темалар

Жыйынтыктап айтканда, кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн кеңешүүлөр эркектердин массалык түрдө сыртка миграцияга кетиши Өзбекстандын, Тажикстандын жана Кыргыз Республикасынын көптөгөн райондорунда аялдардын фермердик чарбаларды жүргүзүүдөгү жана үй чарбасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо боюнча жоопкерчилигин кыйла жогорулатканын айкын көрсөттү. Мунун натыйжасында аялдар салттуу түрдө эркектерге да, аялдарга да таандык болгон милдеттерди бирдей аткарууга мажбур болууда. Буга карабастан, көпчүлүк аймактарда социалдык-маданий нормалар дагы эле

сакталып, аялдар өз милдеттерин натыйжалуу, адилеттүү акы алуу жана таануу менен аткаруу үчүн авторитетке, формалдуу эмгек таанууга, жер укуктарына, ошондой эле техникалык көндүмдөр менен технологияларга жетишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло элек. Бул көйгөйлөр кургакчылыктан жана ашыкча жогорку температурадан баштап, суунун тартыштыгына, кардын аз жаашына, адаттан тыш катуу соккон шамалдарга жана кум шамалдарына чейинки климаттын өзгөрүү таасирлери менен ого бетер курчуп жатат мунун баары жергиликтүү жерди пайдалануунун түшүмдүүлүгүнө жана жалпы табигый ресурстарды башкарууга терс таасирин тийгизет.

Ошондуктан сунушталып жаткан Программа аялдар жана жаштар топтору тарабынан оң кабыл алынды. Анткени Программа алардын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу үчүн кыйла туруктуу, инклюзивдүү жана климаттык таасирлерге туруктуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө потенциалга ээ. Бирок бул үчүн алардын өзгөчө муктаждыктарына, шарттарына жана кызыкчылыктарына ылайыкташтырылган жетиштүү, тиешелүү жана максаттуу колдоо көрсөтүлүшү зарыл.

3.3 Сунуштар

Жогоруда берилген жыйынтыктар Программа ишке ашырыла турган жалпы социалдык чөйрө жана гендердик мамилелер тууралуу маанилүү түшүнүктөрдү берет. Ошондуктан, аныкталган гендердик көйгөйлөргө жана ажырымдарга ылайык сунушталган чаралар 2-бөлүмдө берилген талдоону, 3.2-бөлүмдө баяндалган кызыкдар тараптардын пикирлерин, ошондой эле ар бир өлкөдө иштеген жергиликтүү социологдордун эксперттик пикирлерин эске алуу менен иштелип чыкты.
Бул чаралар тиешелүү учурларда Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планына (0-бөлүм) киргизилип, аларды Программанын иш-чаралары менен түздөн-түз байланышкан конкреттүү жана практикалык аракеттерге айландыруу аркылуу чагылдырылат.

7-таблица: Гендердик ажырымдар жана сунушталган чаралар

Гендердик ажырым же инклюзияга тоскоолдук	Ажырымдарды жана тоскоолдуктарды жоюу боюнча мүмкүн болгон чаралар	Иш-аракеттер планы №
Аялдардын айыл чарбасын кеңейтүү кызматтарына, климатка туруктуу жана туруктуу айыл чарба практикалары боюнча жетиштүү техникалык билимге жеткиликтүүлүгү чектелүү. Мындай колдоо көрсөтүлгөн учурларда да, ал көп учурда аялдардын муктаждыктарына ылайык келбейт (мобилдүүлүккө, убакытка же коомдук чектөөлөргө байланыштуу).	● Гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алган консультацияларды жана окутуу процесстерин уюштуруу, анын ичинде аялдар үчүн өзүнчө коопсуз мейкиндиктерди жана ишенимдүү жергиликтүү ортомчуларды пайдалануу. ● Аял фермерлердин техникалык потенциалын жогорулатуу аркылуу аялдар менен эркектердин ортосундагы билим айырмасын азайтуу. Окутуулар аялдар үчүн ыңгайлуу убакта жана жерлерде өткөрүлүшү керек (үй-бүлөлүк милдеттеринин убактысына шайкеш келтирилип, алыс жол жүрүү зарылдыгы минималдаштырылган шартта). ● Аялдар менен жаштардын сугат технологияларына, сапаттуу үрөндөргө жана айыл чарба өндүрүшү үчүн зарыл болгон ресурстарга жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу.	ID #1, 6, 7, 8, 9, 12, 13, 16, 17, 21, 22, 23, 24
Жер пайдаланууну пландаштыруу жана жаратылыш ресурстарын башкаруу боюнча чечим кабыл алуучу органдарда аялдардын өкүлчүлүгү төмөн. Буга көбүнчө тамырлашкан патриархалдык нормалар, өзүнө болгон ишенимдин жетишсиздиги жана/же үй-бүлөлүк жана башка милдеттерден улам жумуш жүгүнүн көптүгү себеп болот. Ошондой эле аялдардын жерге ээлик кылууга, айыл чарба техникасына жана ири жер тилкелерине жеткиликтүүлүгү чектелүү. Адатта, жерди пайдалануу байланыштуу чечимдерди эркектер кабыл алышат жана патриархалдык мураскорлук нормаларынан улам артыкчылыктар көбүнчө эркектерге тиет.	● Жамааттардын эркек мүчөлөрү арасында инклюзивдүү чечим кабыл алууну илгерилетүүгө багытталган түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. ● Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана аларды жер жана суу ресурстарын башкаруу боюнча талкууларга катышууга шыктандыруу үчүн потенциалын жогорулатууга багытталган колдоо көрсөтүү. ● Коомчулуктун бардык мүчөлөрү арасында АЧТБЖП секторунда эркектер менен аялдардын тең укуктары жана бирдей мүмкүнчүлүктөрү боюнча улуттук мыйзамдардын маанилүүлүгү жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Мында жерге болгон укуктардын адилеттүү бөлүштүрүлүшү, мураскорлук жана активдерге ээлик кылуу боюнча мыйзамдар, ошондой эле гендердик аспектилерди эске алган жер пайдалануу пландаштыруу процесстери сыяктуу маселелер талкууланат.	ID #1, 2, 3, 4, 5, 10, 11, 12, 14, 18, 21, 22
Жерди пайдалануу байланышкан кошумча нарк чынжырчаларында аялдардын ролу негизинен формалдуу эмес жана талаа иштерине багытталган. Түшүм жыйноодон кийинки иштерге, маркетингге жана сатууга байланыштуу чечимдердин басымдуу бөлүгүн үй-бүлөнүн эркек мүчөлөрү кабыл алышат.	● Аялдар жана жаштар жетектеген кооперативдерди жана өндүрүүчүлөрдүн топторун күчөтүү (ар бир өлкөдө ийгиликтүү иштеп жаткан көптөгөн мисалдарды жайылтуу жана масштабдоо) аркылуу тобокелдиктерди жакшыраак башкарууга жана рынокторго жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө көмөктөшүү.	ID #6, 7, 8, 9, 14,15,16, 17, 18
Аялдардын ылайыктуу каржылык ресурстарга жеткиликтүүлүгү эркектерге салыштырмалуу төмөн.	● Айрым мамлекеттик органдар жана банктар тарабынан ийгиликтүү сунушталып жаткан финансылык схемаларды кеңейтүү жана жеткиликтүү, ылайыктуу финансылык механизмдерге, анын ичинде чакан гранттарга, түз себүү технологияларын өздөштүрүүнү тездетүүчү механизмдерге	ID #16, 17, 23, 25

Буга күрөөнүн жетишсиздиги, жеткиликтүү финансылык инструменттер тууралуу маалымдуулуктун чектелүү болушу, жогорку пайыздык чендер жана алардын ишинин формалдуу эмес мүнөзүнө байланыштуу каржылоого талаптарга жооп бербеши себеп болот. Мамлекеттик гранттар жана эл аралык программалар тарабынан колдоо көрсөтүлгөн учурларда да, ал көп учурда заманбап технологияларды сатып алууга жетишсиз.	жана топтук аманат схемаларына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. ● Аял фермерлерге, ошондой эле аялдар жана жаштар жетектеген ишканаларга финансылык сабаттуулук боюнча окутуу өткөрүү. ● Банктардын жана финансылык мекемелердин кызматкерлерин аялдар жана жаштар-кардарлар менен натыйжалуу иштөө жана аларга тиешелүү колдоо көрсөтүү боюнча окутуу. ● Банктарды жана финансылык мекемелерди финансылык продуктыларга жана кызматтарга жеткиликтүүлүктөгү гендердик айырмачылыктарды аныктоого жана аялдардын айрым топтору үчүн (айылдык жерлерде жашаган аялдар, аял фермерлер, эмгек мигранттарынын жубайлары ж.б.) тоскоолдук жараткан факторлорду жоюу боюнча чараларды көрүүгө шыктандыруу.	
Тышкы иш-чараларга карата ишенимдин жетишсиздиги жана мындан улам келип чыгышы мүмкүн болгон гендердик мүнөздөгү көйгөйлөр айрым аялдардын мындай иш-чараларга таптакыр катышпоону артык көрүшүнө алып келет.	● Кызматкерлерди жалдоодо жана Программанын ишке ашырылышында басмырлоого жол бербөө принциптерин камсыз кылуу, ошондой эле комитеттерде жана Программанын түзүмдөрүндө аялдардын жана жаштардын өкүлчүлүгү үчүн квоталарды белгилөө. ● Программанын гендердик аспектилерди эске алган жана жабырлануучуга багытталган даттанууларды кароо механизмин (ДКМ) колдонуу боюнча милдеттенмесине ылайык, ишенимдүү аял өкүл (мисалы, жергиликтүү махалладагы өкүл) ортомчу катары аял арыздануучуларга даттанууларын берүүгө жана тиешелүү учурларды каттоого көмөк көрсөтөт.	ID #19, 20, 26
Жаштардын миграциясынын деңгээли жалпысынан жогору, бул жергиликтүү эмгек ресурстарынын жетишсиздигине алып келет. Жаштарды жергиликтүү деңгээлде кармап калуу жана алардын көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн жер пайдалануу байланышкан нарк чынжырларында көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана стимулдарды сунуштоо зарыл.	● Жаштарды тартуу максаттуу багыт берүүчү иш-чараларды, практикалык демонстрацияларды жана көндүмдөрүн өркүндөтүү жана тажрыйба топтоо аркылуу инклюзивдүү катышуу мүмкүнчүлүктөрүн камтышы керек. Мында алардын өзгөчө көндүмдөрүн, мисалы, социалдык медиа платформалары аркылуу айыл чарба продукциясын маркетингдөө, логистиканы башкаруу жана айыл чарба жана климат боюнча онлайн маалыматтарга жетүү жөндөмдөрүн пайдалануу зарыл.	ID #18, 20

Булак: Автордун иштеп чыгуусу

4. Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы (ГИП)

4.1 Негизги эске алуучу факторлор

Жогорудагы баалоодо белгиленген жыйынтыктарды жана сунуштарды Программанын жалпы алкагына мазмундуу жана практикалык түрдө интеграциялоону жана ишке ашырууну камсыз кылуу максатында Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы (ГИП) иштелип чыкты. ГИПтин иш-чаралары, көрсөткүчтөрү, ишке ашыруу мөөнөттөрү жана зарыл болгон ресурстар Программанын жалпы иш планы жана бюджети менен шайкеш келтирилди. ГИП төмөнкү негизги аспектилерди эске алуу менен ишке ашырылат:

- **Эксперттик потенциал.** ГИПтин ишке ашырылышын көзөмөлдөө, техникалык колдоо көрсөтүү жана мониторинг жүргүзүү жана баалоо (М&Б) бир нече негизги Программанын кызматкерлеринин жоопкерчилигине жүктөлөт. Алардын ар бири аймактык жана улуттук деңгээлде гендердик маселелер боюнча так милдеттерге ээ. Бул эксперттердин курамына Программанын аймактык ЭСКЧ жана М&Б боюнча консультанттар, ошондой эле үч улуттук ЭСКЧ боюнча кеңешчи (ар бир өлкөгө бирден) кирет. Зарыл болгон учурда GIZдин учурдагы улуттук гендердик маселелер боюнча координаторлорунун да тажрыйбасы пайдаланылат. Тактап айтканда, аймактык ЭСКЧ боюнча кеңешчи ГИПтин бардык индикаторлору боюнча пландаштырууну, ишке ашырууну жана

отчеттуулукту көзөмөлдөйт жана маалыматтарды чогултуу жана отчет берүү ыкмаларынын ырааттуулугун камсыз кылуу үчүн М&Б боюнча консультант менен тыгыз иштешет. Ошондой эле аймактык ЭСКЧ боюнча кеңешчи ГИПтин көптөгөн иш-чаралары үчүн негизги техникалык адис катары иш алып барып, зарыл болгон учурда тапшырмаларды улуттук ЭСКЧ боюнча консультанттарга бөлүштүрөт жана тиешелүү учурларда GIZдин гендердик маселелер боюнча координаторлорунун колдоосуна таянат. Мындай кадрдык түзүм ГИПти ишке ашыруу үчүн аймакта жана ар бир өлкөдө зарыл болгон ресурстарды жана катышууну камсыз кылат. Ошондой эле Программанын бардык ишке ашырылуучу жерлерине ырааттуу жана өз убагында колдоо көрсөтүүгө, тобокелдиктерди натыйжалуу башкарууга жана зарыл болгон учурда аларды тиешелүү деңгээлге өз убагында жеткирүүгө шарт түзөт.

- **Программанын өзгөрүүлөр теориясы менен шайкештиги.** ГИП Программанын жалпы өзгөрүүлөр теориясына (ӨТ) салым кошкондуктан, анын Натыйжалуулук жөнүндө билдирүүсү, компоненттери жана иш-чаралары ӨТтө белгиленген багыттар менен түздөн-түз байланышта. Бул сунушталган бардык иш-чаралар Программанын негизги иш-чараларына же кошумча иш-чараларына так шайкеш келишин жана иш планына интеграцияланышын камсыз кылат. Натыйжада алар «кошумча» же экинчи даражадагы мааниге ээ иш-чаралар катары эмес, Программанын ишинин ажырагыс бөлүгү катары каралат.
- **Инклюзивдүү окутууларды, семинарларды жана потенциалды жогорулатуу иш-чараларын уюштуруунун негизги принциптери.** Программанын алкагында окутууларды, семинарларды жана консультация берүүдө аялдардын муктаждыктары талаптагыдай эске алынышын камсыз кылуу үчүн GIZ жана Программанын аткаруучу уюмдары (АУ) кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү процессинде аялдар тарабынан белгиленген муктаждыктарды эске алган бир катар негизги принциптерди жетекчиликке алышат. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:
    - Ыңгайлуу жана коопсуз жерди тандоо.
    - Жолугушуулардын убактысын, күнүн жана узактыгын аялдардын үй-бүлөлүк же өндүрүштүк милдеттерине тоскоол болбогондой кылып тандоо.
    - Мүмкүнчүлүк болгон учурда иш-чара өтүүчү жерде балдарды кароого көмөк көрсөтүү же балдар үчүн атайын шарттарды түзүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.
    - Чакыруулардын жана окуу материалдарынын мазмунун даярдоодо катышуучулардын тилдик артыкчылыктарын жана сабаттуулук деңгээлин эске алуу.
    - Чакыруу каттарында аялдардын окутууларга жана башка негизги иш-чараларга катышуусунун маанилүүлүгүн эркек үй-бүлө мүчөлөрү менен катар же үй-бүлөнүн өкүлү катары ачык белгилөө.

4.2 ГИПтин бюджетине сереп

Төмөндө ГИПте (0-бөлүмдө) көрсөтүлгөн ресурстарды жана бюджетти бөлүштүрүү төмөнкү элементтерди камтыйт:

8-таблица: Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планынын чыгымдары жөнүндө маалымат

Бюджеттик берене	Суммасы	Толук маалымат / негиздеме
Гендердик экспертизага ээ Программанын кызматкерлери, анын ичинде аймактык ЭСКЧ боюнча консультант, аймактык М&Б боюнча консультант, 3 улуттук ЭСКЧ/М&Б боюнча консультант жана GIZдин өлкө деңгээлиндеги гендердик маселелер боюнча координаторлору.	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги кепилдиктер, гендер жана М&Б боюнча адистер): 50% — аймактык ЭСКЧ 20% — аймактык М&Б 30% — улуттук ЭСКЧ/М&Б Мындан тышкары, аткаруучу уюмдардын (АУ) курамында ЭСКЧ жана гендердик маселелер боюнча атайын координаторлор	Бул көрсөткүчтөр ар бир эксперттин ГИПке белгиленген иш-чараларды көзөмөлдөөгө жана/же ишке ашырууга жумшай турган убактысынын үлүшүн эске алуу менен аныкталган.
Программанын жалпы окутуу, потенциалды жогорулатуу жана	Окутуу, потенциалды жогорулатуу жана	Бул берене бардык компоненттер боюнча окутуу, потенциалды жогорулатуу жана семинар өткөрүү иш-

семинар өткөрүү иш-чараларынын алкагындагы гендер жана инклюзия боюнча иш-чаралар	семинар өткөрүү боюнча жалпы бюджеттин 10%ы ГИПтин иш-чараларына бөлүнөт.	чараларына байланышкан гендердик иш-чараларга бөлүнгөн бюджетти билдирет. Ал жогоруда көрсөтүлгөн гендер боюнча кызматкерлердин чыгымдарынан өзүнчө эсептелет жана Программанын негизги бюджетинин курамына кирет.
Аткаруучу уюмдардын (АУ) ресурстары жана бюджеттик милдеттенмелери		ГИП ошондой эле АУлардын жоопкерчилигине кирген бир катар иш-чараларды камтыйт. Гранттык келишимдерде гендер жана ЭСКЧ боюнча атайын кызматкерлерди бөлүп берүү жана Программанын бардык иш-чараларынын алкагында ГИПти ишке ашырууга багытталган потенциалды жогорулатуу, окутуу жана семинарларга каралган бюджеттин 10%ын бөлүү каралат.

Булак: Автордун иштеп чыгуусу

4.3 Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы

9-таблица: Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы (таасир деңгээлинде)

ГИПтин натыйжалуулук жөнүндө билдирүүсү: айыл чарба, токой чарбасы жана башка жер пайдалануу (АЧТБЖП) секторлорунда климаттын өзгөрүшүнүн таасирине жооп кайтаруу үчүн аялдардын жана жаштардын мүмкүнчүлүктөрү күчөтүлөт. Бул каржылоого, окутууга жана технологияларга инклюзивдүү жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, максаттуу мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү жана маалымдуулукту жогорулатуу, ошондой эле аялдар менен жаштардын АЧТБЖП секторундагы ишмердүүлүккө катышуусуна шарт түзгөн чөйрөнү калыптандыруу аркылуу ишке ашырылат.				
Негизги натыйжа индикатору	**Түздөн-түз максаттуу көрсөткүч**	**Кыйыр максаттуу көрсөткүч**	**Мөөнөтү**	**Божомолдор жана эскертүүлөр**
Жашоо-тиричилигин камсыз кылууга, азык-түлүк коопсуздугуна жана жер пайдалануга негизделген экономикалык мүмкүнчүлүктөргө жеткиликтүүлүгү жакшырган аял-бенефициарлар.	КР: 143,055 ТЖ: 215,184 ӨЗ: 169,676	КР: 217,342 ТЖ: 169,018 ӨЗ: 358,156	Программанын аягында (7-жыл)	Бул индикатор үй чарбаларынын климатка туруктуу жана аз эмиссиялуу жер пайдалануу практикаларына жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу аркылуу Программадан пайда ала турган аялдардын күтүлгөн санын көрсөтөт жана ARA1нин 2-негизги компонентинин көрсөткүчүнө шайкеш келет. Эсептөөлөр жер пайдалануунун ар бир түрү боюнча практикаларды өздөштүрүшү күтүлүп жаткан жер пайдалануучулардын санын аныктоого негизделген. Бул сан тиешелүү жер пайдалануу түрүнө туура келген жалпы аянттын көлөмү, чарбанын орточо өлчөмү жана практикаларды өздөштүрүүнүн күтүлүп жаткан деңгээлинин негизинде эсептелет. Андан соң алынган көрсөткүчтөр ар бир өлкө үчүн белгиленген аялдар менен эркектердин катышына жараша жынысы боюнча бөлүштүрүлөт. Бул компоненттик деңгээлдеги төмөндө келтирилген көрсөткүчтөрдөн айырмаланат. Компоненттик көрсөткүчтөр жер пайдалануу системаларындагы негизги чакан топторго, мисалы, аял-майда фермерлерге, аял лидерлерге жана аялдар жана жаштар жетектеген кооперативдерге багытталат.
Программа колдогон уюмдарда жана бенефициарлар арасында климатка туруктуу жана аз эмиссиялуу (КТАЭ) практикаларды жана технологияларды тандоо, каржылоо, ишке ашыруу жана башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алууга аялдардын мазмундуу катышуусунун жана таасиринин сапатынын өзгөрүшү.	Катышкан аялдардын кеминде 60%ы 2 же андан жогору баллга, ал эми кеминде 30%ы 3 баллга жетет.	Колдонулбайт	Программанын аягында (7-жыл)	Аялдар инклюзивдүү чечим кабыл алуу процесстерине катышууга, маалыматка, каржылык ресурстарга жана техникалык билимге жетүүгө, ошондой эле олуттуу социалдык, камкордукка байланышкан, мобилдүүлүккө же коопсуздукка байланыштуу чектөөлөргө дуушар болбоого тийиш. Бул көрсөткүч аялдардын жөн гана катышуусун эмес, чечим кабыл алууга иш жүзүндөгү таасирин өлчөйт. Баалоо 4 баллдык шкала боюнча жүргүзүлөт: 0 = катышуу жок; 1 = консультация; 2 = биргелешкен чечим кабыл алуу; 3 = лидерлик жана туруктуу таасир көрсөтүү. Баалоодо маалыматка жеткиликтүүлүк, өз оюн билдирүү жана көйгөйлөрдү коопсуз көтөрүү мүмкүнчүлүгү, КТАЭ боюнча чечимдерге таасир этүү деңгээли жана тиешелүү ресурстарды (мисалы, жабдууларды) көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү каралат. Натыйжалар баштапкы баалоо учурунда жана андан кийин жыл сайын APR аркылуу өлчөнүп, мүмкүн болгон учурларда купуя маектер, фокус-топтук талкуулар жана чечимдерди кабыл алуу боюнча документтер аркылуу текшерилет жана өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүп көрсөтүлөт.

Булак: Автордун иштеп чыгуусу

4.3 Иш-чаралар деңгээлинде Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы

Программанын үч негизги компонентинин түзүмүнө ылайык иштелип чыгып, гендердик аспектилерди эске алган жана социалдык инклюзияны камсыз кылган чараларга өзгөчө көңүл бурулат.

10-таблица: Гендер жана инклюзия боюнча иш-аракеттер планы (иш-чаралар деңгээлинде)

ID	Программалык иш-чара / чакан иш-чара[2]	Иш-чара	Көрсөткүч	Баштапкы көрсөткүч	Максаттуу көрсөткүч	Мөөнөтү	Бюджеттик бөлүштүрүү / ресурстарга болгон муктаждык[3]	Жооптуу тарап(тар)
1-компонент: Улуттук жана субулуттук деңгээлдердеги климаттык пландаштыруу, инвестициялоо жана каржылоо платформаларына гендердик теңчиликке жооп берген принциптерди жана ыкмаларды интеграциялоо.								
1	Кайчылаш багыт (тиешелүү болгон учурларда бардык компоненттерге тиешелүү)	Программанын семинарларына жана окутууларына аялдардын маанилүү жана натыйжалуу катышуусун камсыз кылуу.	Катышуучулардын ичинен аялдардын үлүшү	0	30%	1 – 7 жылдар	GIZдин кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык макулдашуунун бюджетине киргизилет.	АУ: GIZ, АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК
2		Программанын атайын дайындалган Экологиялык жана социалдык стандарттар (ЭСКЧ) боюнча эксперти тарабынан өткөрүлүүчү бардык семинарлардын жана окутуулардын мазмунун көзөмөлдөө.	ЭСКЧ боюнча көзөмөлдөн өткөн окутуулардын жана семинарлардын үлүшү (%)	0	100%	1 – 7 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355 676,68 евро	АУ: GIZ
3		Коомчулук менен иштөө, бенефициарларды багыттоо, окутуу жана семинарларды өткөрүү процесстерине СЭЗКПдан коргонуу жана ал тууралуу билдирүү механизмдери боюнча жеткиликтүү маалыматты интеграциялоо.	СЭЗКП жана ДКМ боюнча маалыматты жергиликтүү шарттарга ылайык форматтарда камтыган иш-чаралардын үлүшү (%)	0	100%	1–7 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык макулдашуунун бюджетине киргизилет.	АУ: GIZ, АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК
4		Аялдар жана тобокелдиктерге көбүрөөк дуушар болушу мүмкүн болгон башка топтор	Купуялуулукту сактоо менен коопсуздук жана жеткиликтүүлүк	0	Ар бир өлкөдө жылына кеминде 1 жолу	1 - 7 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери)	АУ: GIZ, АРИС, САЧКӨМ,

[2] Эгер бирден ашык иш-чара / чакан иш-чара көрсөтүлсө, чакан иш-чаралардын өз ара байланышы көрсөтүлөт.
[3] Программанын иш-чаралары боюнча Гендердик иш-аракеттер планын (ГИП) каржылоо чыгымдары тууралуу толук маалымат алуу үчүн 8-таблицага кайрылыңыз

		менен мезгил-мезгили менен консультацияларды өткөрүп, программанын иш-чараларына катышуу, сапарлар, окутуулар, талаа иштеринин жүрүшүндөгү өз ара аракеттенүүлөр жана билдирүү механизмдери коопсуз жана жеткиликтүү экендигин баалоо. Катышуучулардан СЭЗКП боюнча жеке тажрыйбаларын айтып берүүнү талап кылбоо.	боюнча жүргүзүлгөн баалоолордун саны				355,676.68 евро Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык макулдашуунун бюджетине киргизилет.	ИДИАБ, ЭКӨУК
5	Кайчылаш багыт (тиешелүү болгон учурларда бардык компоненттерге тиешелүү)	Гендердик зомбулук (ГЗ) жана сексуалдык эксплуатация, зомбулук жана кыянаттык менен пайдалануу (СЭЗКП) боюнча даттанууларды кароо механизминин (ДКМ) алкагында гендердик жана маданий өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кароо, ошону менен даттануучулардын жана жабыр тарткандардын анонимдүүлүгүн жана корголушун камсыз кылуу.	Кабарланган жана тиешелүү чара көрүлгөн ГЗ жана СЭЗКП учурларынын үлүшү (%)	0	ДКМ аркылуу билдирилген СЭЗКП жана ГЗ учурларынын 100%ы тиешелүү тартипте каралган жана алар боюнча чара көрүлгөн.	1 - 7 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык макулдашуунун бюджетине киргизилет.	АУ: GIZ, АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК
6	1.1.1.5	Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен пландаштыруу боюнча дарамети жогорулатуу иш-чараларына АЧТБЖП жана министрликтердин деңгээлиндеги гендердик/социалдык-экономикалык маселелер боюнча жооптуу адистердин катышуусун камсыз кылуу.	Климаттык маалыматтарды эске алуу менен пландаштыруу боюнча гендер жана социалдык-экономикалык маселелер боюнча жооптуу өкүлдөрдүн катышуусун камсыздаган окутуулардын үлүшү (%)	0	50%	1 – 3 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро	АУ: GIZ
7	1.1.1.6	Окутуу борборлору тарабынан өткөрүлүүчү окутуулардын негизги тематикалык багыты катары климаттык маалыматтарды эске алуу менен пландаштырууга гендердик	Иштелип чыккан окутуу модулу	0	1 модуль иштелип чыккан (жана ар бир өлкөнүн өзгөчөлүгүнө жараша	1 – 3 жылдар	Жергиликтүү консультанттын кызмат көрсөтүүлөрү 8 367,03 евро (1.1.1-иш-чаранын бюджетине киргизилген)	АУ: GIZ

		аспектилерди интеграциялоо боюнча модулду киргизүү.			адаптацияланган)			
8	1.1.2	АЧТБЖП сектору боюнча секторлор аралык координациялык платформаларда төмөнкү өкүлдөрдүн биринин катышуусун камсыз кылуу: i) тиешелүү АЧТБЖП министрлигинин гендер маселелери боюнча жооптуу өкүлү; же ii) гендер же аялдардын маселелери боюнча ыйгарым укуктуу тиешелүү тармактык министрликтин өкүлү	Бардык улуттук координациялык платформаларга жана техникалык жумушчу топторго (ТЖТ) гендер маселелери боюнча тиешелүү ыйгарым укуктуу өкүл дайындалды.	0	Улуттук деңгээлдеги ар бир тиешелүү органдан 1 өкүл	1 – 3 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро	АУ: GIZ
9	1.3.1.1	Мамлекеттик жана жеке сектордогу финансылык мекемелерге (ФМ) ылайыкташтырылган окутуу материалдары үчүн инклюзивдүү климаттык каржылоо жана гендердик аспектилерди эске алган каржылоо механизмдери боюнча милдеттүү модулду иштеп чыгуу. Модул аялдарга бизнес кирешелерин өз алдынча башкаруу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү берүү максатында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана активдерди башкаруу/контролдоо боюнча темаларды да камтыйт.	Гендердик маселелерди камтыган ФМдер үчүн окутуулардын пайызы	0	100%	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультанттын кызмат көрсөтүүлөрү 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ
10	1.3.1.1	АЧТБЖП сектору үчүн актуалдуу болгон инклюзивдүү климаттык каржылоо моделдери боюнча мыкты тажрыйбаларды аныктоо жана талдоо. Ар бир өлкөдө банктар жана программалар учурда колдонуп жаткан ыкмалар каралат.	Ар бир өлкө боюнча финансылык схемалардын жана инструменттердин картасы түзүлдү	Аныктала элек; 0	Ар бир өлкө боюнча 1 финансылык ресурстарды картага түшүрүү	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультанттын кызмат көрсөтүүлөрү 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ

11	1.3.1.2	Тандалып алынган жергиликтүү финансылык мекемелерде (ФМ) аялдардын маселелери боюнча адистештирилген банк менеджерлерин / кредиттик адистерин аныктоо жана алардын потенциалын жогорулатуу. Эгер ФМда мындай кызмат орду мурда эле каралбаган болсо, тиешелүү учурда учурдагы кызматкерлердин бирин окутуп, бул милдеттерди аткарууга даярдоого болот. Бул чара тиешелүү үч чакан иш-чаранын каалаганына ылайык колдонулат.	Аялдардын маселелери боюнча атайын жоопкерчиликтер жүктөлгөн жана потенциалы жогорулатылган кызматкерлердин саны .	0	Ар бир ФМдан 1 кызматкер	2–7-жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультанттын кызмат көрсөтүүлөрү 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ
12	1.3.2.2	Аялдар жана жаштар үчүн жеткиликтүү финансылык механизмдерге жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө же мындай механизмдерди түзүүгө колдоо көрсөтүү.	Аялдар жана жаштар үчүн ийгиликтүү финансылык продуктуларды аныктоо, масштабын кеңейтүү же кайра колдонууга киргизүү максатында жергиликтүү финансылык мекемелерге (ФМ) көрсөтүлгөн техникалык жардамдын көлөмү	0	Тандалып алынган ФМдин 100%ы	3 – 6 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Эл аралык консультанттын кызмат көрсөтүүлөрү 10,800 евро (1.3.2-иш-чаранын бюджетине киргизилген) Жергиликтүү консультанттын кызмат көрсөтүүлөрү 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ
2-компонент: Аялдардын жана жаштардын адаптацияланган жер пайдалануунуу пландаштырууга, практикаларга жана технологияларга көбүрөөк тартылышын жана аларды кабыл алып, колдонуусун камсыз кылуу.								
13	2.1.1.2	Максаттуу муниципалитеттерди аныктоо жана бекитүү процессине аялдарды тартуу.	Райондук көзөмөлдөө кеңешиндеги аялдардын өкүлчүлүгүнүн үлүшү (%)	0	40 %	1-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультанттын кызмат көрсөтүүлөрү 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: АРИС, ИДИАБ, ЭКӨУК

							Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык макулдашуунун бюджетине киргизилет.	
14	2.1.2.1 2.1.2.2 2.2.1.3 2.2.2.3	Гендердик аспектилер эске алынган климаттык баалоолорду, АЧТБЖП боюнча иш-аракеттер пландарын, жер пайдалануу башкаруу пландарын жана гендердик жоопкерчиликтүү иш-чараларды камтыган инвестицияларды иштеп чыгуу.	Гендердик аспектилер эске алынган климаттык баалоолордун, АЧТБЖП боюнча иш-аракеттер пландарынын, жер пайдалануу башкаруу пландарынын жана инвестициялардын үлүшү (%)	0	100%	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Эл аралык консультациялык кызматтар: 28,800 евро (2.12 жана 2.2.1 иш-чараларынын бюджетине киргизилген) Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык келишимдин бюджетине киргизилет.	АУ: GIZ, АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК
		АЧТБЖП боюнча адаптацияны пландаштыруу процесстеринде облустук/райондук деңгээлдеги чечим кабыл алуу платформаларына гендер боюнча жооптуу координаторлорду кошуу	Чечим кабыл алуу форумдарында гендер боюнча жооптуу координаторлордун өкүлчүлүгү.	0	Облустук/райондук деңгээлдеги ар бир чечим кабыл алуу платформасында 1 гендер боюнча жооптуу координатор	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык келишимдин бюджетине киргизилет.	АУ: АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК
15	2.2.1.1 2.2.2.1	Окутуу материалдарына гендердик өзгөчөлүктөргө тиешелүү мазмунду системалуу түрдө киргизүү.	Гендердик өзгөчөлүктөрдү эсепке алган окутуу материалдары иштелип чыкты.	0	Окутуу материалдары белгиленген мөөнөттө интеграцияланды.	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Эл аралык консультациялык кызматтар: 19,800 евро (2.2.1 иш-чарасынын бюджетине киргизилген) Жергиликтүү кеңеш берүү кызматтар / Жергиликтүү консультант 22 500 евро (ГИПти ишке ашыруу үчүн кайчылаш / комплекстүү бюджет) Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык келишимдин бюджетине киргизилет.	АУ: АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК

16	2.2.1.5 2.2.2.4 2.3.1.3 2.3.1.5	Техникалык жардам (ТЖ) боюнча окутуу жана кеңеш берүү иш-чараларына гендердик жана жаштарга тиешелүү мазмунду киргизүү.	Окутуунун күн тартибине/ыкмаларына аялдарга жана жаштарга тиешелүү мазмунду камтыган техникалык жардам боюнча окутуу жана кеңеш берүү иш-чараларынын пайызы.	0	100%	2–7 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар) Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык келишимдин бюджетине киргизилет.	АУ: АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК
17	2.2 2.3	Токой, жайыт жана айыл чарба системаларында жер пайдалануу боюнча инклюзивдүү чечимдерди кабыл алууну, жерге болгон укуктарды адилеттүү бөлүштүрүүгө багытталган саясатты жана башка тиешелүү маселелерди пландаштыруу, окутуу жана техникалык жардам көрсөтүү иш-чараларына киргизүү, ошондой эле эркек катышуучулардын бул маселелер боюнча маалымдуулугун жогорулатуу.	Жерди пайдалануу контекстинде жерди адилеттүү пайдалануу, жерге болгон укуктар жана гендердик теңчиликке байланыштуу башка тиешелүү маселелер боюнча мазмунду камтыган пландаштыруу, окутуу жана техникалык жардам көрсөтүү иш-чараларынын пайызы.	0	100%	2–7 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар) Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык келишимдин бюджетине киргизилет.	АУ: АРИС, САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК
18	2.3.1.6 2.3.3.1	Программанын 2.3.1.5-иш-чарасынын алкагында аныкталган жана алдын ала тандалган кошумча нарк чынжырчаларында иш алып барган аялдар жана жаштар жетектеген чакан фермердик чарбаларга, өндүрүүчүлөрдүн топторуна, кооперативдерге жана микро, чакан жана орто ишканаларга (МЧОИ) бизнести өнүктүрүү жана инвестиция тартууга даярдыгын жогорулатуу боюнча максаттуу колдоо көрсөтүү.	2.3.3.1-иш-чарасынын алкагында колдоо алган, аялдар же жаштар жетектеген же курамында аялдар менен жаштар басымдуу болгон фермердик чарбалардын же айыл чарба ишканаларынын пайызы.	0	20%%	2–7 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар) Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 9,600 евро (2.3.1-иш-чарасынын бюджетине киргизилген)	АУ: САЧКӨМ, ИДИАБ, ЭКӨУК

							Кошумча чыгымдар ар бир Гранттык макулдашуунун бюджетине киргизилет.	
19	2.3.2.1	Кыргыз Республикасында түз себүү ыкмасын жайылтууну тездетүү механизмдерин иштеп чыгууда, кайра колдонууда жана масштабдоодо гендердик теңчиликке багытталган чараларды камтуу, GIZдин ушул сыяктуу фонддорду ишке ашырууда топтогон тажрыйбасын пайдалануу.	Кыргыз Республикасында түз себүү механизмдерин кайра колдонууда жана масштабдоодо гендердик аспектилерди эске алган долбоорлоо чаралары каралды.	0	Бардык жаңы жана масштабдалган түз себүү механизмдерине гендердик теңчиликке багытталган чаралар киргизилди.	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 7.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар) Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 96,000 евро (2.3.2 иш-чарасынын бюджетине киргизилген)	АУ: GIZ
20	2.3.2.1	Топуракты коргоого багытталган айыл чарба топторунда иштеген аялдарга жана аял-фермерлерге колдоо көрсөтүү үчүн кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү боюнча тажрыйбасы бар айыл чарба кеңеш берүү кызматын тартуу.	Жергиликтүү айыл чарба боюнча кеңеш берүү кызматын көрсөтүүчүнү тандоодо кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү боюнча тажрыйба эске алынган.	0	Индикатор белгиленген мөөнөттө аткарылды.	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро	АУ: GIZ
3-компонент: Гендердик теңчиликти жана социалдык инклюзияны эске алган жерди пайдалануу пландаштыруу, каржылоо жана башкаруу практикалары боюнча аймактык деңгээлде билим алмашууну натыйжалуу уюштуруу.								
21	3.1.1.5	Максаттуу уюмдардын аялдар[4] арасындагы өкүлдөрүн келечекти болжолдоо жана стратегиялык пландаштыруу боюнча потенциалды жогорулатуу тренингдерине чакырууну жана алардын катышуусуна өбөлгө түзүүнү камсыз кылуу.	Бул тема боюнча өткөрүлгөн бардык тренингдердеги эркектердин/аялдарга карата катышуу үлүшү	0	70:30	3 - 4 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ

[4] Youth are already targeted through a separate programme activity: 3.1.1.6

22	3.1.2.1	Аялдарды жана жаштарды сценарийлерди иштеп чыгуу боюнча сессияларга чакырууну жана алардын катышуусуна өбөлгө түзүүнү камсыз кылуу.	Бул тема боюнча өткөрүлгөн бардык тренингдерде эркектердин аялдарга/жаштарга карата катышуу үлүшү	0	70:30	2-3 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ
23	3.2.1.1	Максаттуу уюмдардын аялдар арасындагы өкүлдөрүн билим алмашуу жана тажрыйба бөлүшүү иш-чараларына чакырууну жана алардын катышуусуна өбөлгө түзүүнү камсыз кылуу.	Билим алмашуу жана тажрыйба бөлүшүү иш-чараларына эркектердин/аялдарга карата катышуу үлүшү	0	70:30	2-6 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ
24	3.2.1.1	Билим алмашуу жана тажрыйба бөлүшүү иш-чараларынын күн тартибине АЧТБЖП секторунда климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен пландаштыруу жана ишке ашырууда аялдардын жана жаштардын ролу боюнча маселелерди киргизүү.	Гендер, климат жана АЧТБЖП секторунун өз ара байланышы боюнча тематикалык багытты камтыган аймактык билим алмашуу/тажрыйба бөлүшүү иш-чараларынын саны.	0	Бардык тажрыйба бөлүшүү иш-чараларында гендер жана жаштар боюнча темалар камтылат.	2-6 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ
25	3.3.1	Платформаны иштеп чыгуу жана институционалдык потенциалды жогорулатуу процессинде программанын ЭСКЧ жана/же Гендердик теңчилик жана интеграция (ГТИ) боюнча эксперттеринин көзөмөл жүргүзүүсүн жана сунуштарын эске алууну камсыз кылуу.	ЭСКЧ жана/же ГТИ боюнча эксперттер платформаны иштеп чыгууга жана түзүүгө колдоо көрсөттү	0	Индикатор белгиленген мөөнөттө аткарылды.	2-жыл	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери) 355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	АУ: GIZ
26	3.3.2.2	Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу пландарын	Бул техникалык жардамдын алкагындагы иш-		Кеминде 70:30	3-4 жылдар	GIZ кызматкерлери (аймактык жана улуттук деңгээлдеги ЭСКЧ, гендер, М&Б адистери)	АУ: GIZ

		иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча маалыматтык кампанияларга тиешелүү уюмдардан аялдардын жана жаштардын өкүлдөрүн чакырууну, алардын катышуусуна жана маалымат алуусуна өбөлгө түзүүнү камсыз кылуу.	чараларга эркектердин/аялдарга карата катышуу үлүшү	0			355,676.68 евро Жергиликтүү консультациялык кызматтар: 22.500 евро (ГИПти ишке ашыруу боюнча кайчылаш чыгымдар)	

Булак: Автордун иштеп чыгуусу

5. Программаны ишке ашыруу

Бул бөлүмдө ЭСТБтин (экологиялык жана социалдык таасирди баалоо) жыйынтыктарына жана кесепеттерди азайтуу алкагына ылайык, айлана-чөйрөнү коргоо, социалдык жана гендердик маселелер программалык деңгээлде кантип колдонулары баяндалат. Анда программанын бардык компоненттери жана өлкөлөрү боюнча тобокелдиктерди башкарууну жана инклюзивдүү ишке ашырууну багыттаган негизги принциптер белгиленген. Бул принциптер ЭСТБ аркылуу аныкталган жергиликтүү тобокелдиктерге жана ыкмаларга ийкемдүү болууга мүмкүндүк берүү менен бирге, бүткүл программа боюнча бирдиктүү тутумду камсыз кылат.

Бул бөлүм программаны ишке ашырууда Гендердик баалоону, Гендердик жана инклюзия боюнча иш планын, ошондой эле ЭСТБде жана ага байланыштуу документтерде белгиленген кесепеттерди азайтуу чараларын кайталабастан, аларды толуктайт. Конкреттүү чаралар жана аракеттер компоненттер менен иш-чаралардын деңгээлинде, анын ичинде ГИП жана ЭСТБге негизделген кесепеттерди азайтуу чаралары аркылуу андан ары деталдаштырылат.

5.1 Гендердик аспектилерди интеграциялоо ыкмасы

Программа бардык компоненттер боюнча гендердик аспектилерди эске алган ыкманы колдонот. Бул ыкма ЭСТБтин жыйынтыктарына негизделип, GIZдин гендердик теңчилик жана инклюзия боюнча институционалдык милдеттенмелерине шайкеш келет. Бул ыкма гендердик мамилелер АЧТБЖП системаларында ресурстарга жеткиликтүүлүккө, жашоо каражаттарына, чечимдерди кабыл алууга жана климаттык туруктуулукка таасир этерин, ошондой эле климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу тобокелдиктер тиешелүү чаралар активдүү көрүлбөсө, учурдагы теңсиздиктерди күчөтүшү мүмкүн экенин эске алат.

Программаны ишке ашырууда гендердик интеграция төмөнкү өз ара байланышкан принциптердин негизинде жүргүзүлөт:

- **Аялдар менен эркектерди тең камтуу** программанын процесстерине, кеңеш берүүлөрүнө жана иш-чараларына жеткиликтүүлүктү жана инклюзивдүүлүктү камсыз кылуу, ошондой эле катышууга же алынуучу пайдадан үлүш алууга тоскоол болгон учурдагы тоскоолдуктарды күчөтпөө. Программанын максаттуу аймактарында жерге, каржылоого, кызмат көрсөтүүлөргө жана чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүнө жетүүдө түзүмдүк чектөөлөргө туш болушу мүмкүн болгон аялдарга, жаштарга жана башка топторго өзгөчө көңүл бурулат.

- **Гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен пайда табууну камсыз кылуу.** Бул ЭСТБ жана Гендердик баалоо аркылуу аныкталган ар кандай муктаждыктарга, ролдорго жана артыкчылыктарга жооп берген иш-чараларды долбоорлоо жана ишке ашыруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Бул пайданы адилетсиз бөлүштүрүү, эмгек шарттарына терс таасирин тийгизүү жана социалдык обочолонуу тобокелдиктерин жигердүү азайтууну, ошондой эле климатка адаптация жана анын кесепеттерин жумшартуу пайдаларына адилеттүү жеткиликтүүлүктү колдоону камтыйт.

- **Аялдардын үнүн, өз алдынчалуулугун жана институционалдык камтылышын күчөтүү** климатка туруктуу жер пайдалануу, жаратылыш ресурстарын башкарууга жана жашоо каражаттарына байланыштуу катышуучулук жана инклюзивдүү процесстерди колдоо. Бул иш-чаралар конкреттүү жергиликтүү шарттарга жана бааланган тобокелдиктерге ылайык жүргүзүлөт. Мүмкүн болгон учурларда, программа аялдардын катышуусуна жана чечимдерге таасир этүүсүнө тоскоол болгон негизги чектөөлөрдү жана бийлик мамилелериндеги тең салмаксыздыкты жоюу аркылуу трансформациялык натыйжаларга жетишүүгө салым кошууга умтулат.

Жалпысынан алганда, бул принциптер программанын инклюзивдүү натыйжаларын камсыз кылууга жана туруктуу, климаттын өзгөрүшүнө туруктуу өнүгүү жолдоруна салым кошууга багытталган. Ошол эле учурда алар ЭСТБда аныкталган тобокелдиктерге жана ишке ашыруу шарттарына ылайык пропорционалдуу түрдө колдонулат.

5.2 Даттанууларды кароо механизми, коргоо инструменттери жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү

5.2.1 Даттанууларды кароо механизми

Программанын алкагында кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү учурдагы тынчсызданууларды жана көйгөйлөрдү расмий даттанууларга айланганга чейин эрте аныктоого жана чечүүгө багытталат. Ошого карабастан, даттануулар келип чыккан учурда, алар программанын ишке ашырылышынын алкагында ырааттуу, ачык-айкын жана текшерүүгө мүмкүн болгон тартипте каралат.

ЭСТБга ылайык, программанын иш-чараларына байланыштуу кызыкдар тараптардын тынчсызданууларын, даттанууларын жана нааразычылыктарын кабыл алуу жана аларды чечүүгө көмөктөшүү үчүн программага ылайыкташтырылган Даттанууларды кароо механизми (ДКМ) түзүлөт. ДКМ жеткиликтүү, маданий өзгөчөлүктөргө ылайыкташкан жана ар кандай кызыкдар тараптардын, анын ичинде аялдардын жана башка потенциалдуу аялуу же маргиналдашкан топтордун муктаждыктарына жооп берген механизм болуп, акысыз негизде, жана өч алуу же куугунтуктоо коркунучу жок иштейт.

Гендердик аспектилерди эске алган жана жабыр тарткан адамдын кызыкчылыктарын биринчи орунга койгон ДКМ аялдарга пропорционалдуу түрдө таасир эткен тоскоолдуктарды жоюуну, купуялуулукту камсыз кылуунун так протоколдорун киргизүүнү, тилди жана сабаттуулуктун деңгээлин, ошондой эле мобилдүүлүккө байланыштуу чектөөлөрдү эске алууну камсыз кылат. Мындан тышкары, механизм коопсуз багыттоо үчүн бир нече жолду, гендердик даттанууларды кароо боюнча даярдыктан өткөн адистерди жана белгиленген мөөнөттөрдү камтыйт. Ошондой эле учурдагы тобокелдиктерди баалоо процесстерине жана башкаруу пландарына тиешелүү кайтарым байланыш механизмин камсыз кылат.

ДКМ GIZдин экологиялык жана социалдык коргоо, талаптардын сакталышын камсыз кылуу жана ак ниеттүүлүк боюнча колдонуудагы системаларына интеграцияланат. Ал, анын ичинде, эмгек жана иш шарттарына, программанын пайдаларынан пайдалануу жеткиликтүүлүккө, кызыкдар тараптар менен бирше иштешүү процесстерине жана СЭЗКПны камтыган коргоо маселелерине байланыштуу даттанууларды камтыйт.Көзөмөл механизмдери даттануулардын документтештирилишин, өз убагында каралышын жана зарыл болгон учурларда аларды адаптивдүү башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алууда эске алууну камсыз кылат.

5.2.2 Коопсуздук кепилдиктерин сактоо ыкмалары

Коргоо чаралары программаны ишке ашыруунун негизги элементи болуп саналат жана GIZдин Коргоо чаралары жана гендерди башкаруу тутуму, ошондой эле ЭСТБда аныкталган тобокелдиктерди азайтуу чаралары аркылуу колдонулат. Бул интеграцияланган тутум экологиялык, социалдык, адам укуктарына жана гендердик маселелерге байланыштуу тобокелдиктерди бирдиктүү алкакта чечет жана программаны ишке ашыруунун бардык этаптарында колдонулат.

Программа коомчулук менен бирше иштешүү, эмгекти көп талап кылган иш-чараларды жана аялуу топтор менен иштөөнү камтыган иш-чаралар тийиштүү деңгээлде башкарылбаса, коргоо чараларына байланыштуу тобокелдиктердин келип чыгышына алып келиши мүмкүн экенин тааныйт. Ошондуктан, коргоо чараларынын негизги багыты алдын алууга, тобокелдиктерди аныктоого жана натыйжалуу чара көрүүгө багытталат жана программанын башкаруу тутумуна, ишке ашыруу механизмдерине жана келишимдик милдеттенмелерге интеграцияланат.

Коргоо чаралары боюнча ролдор, жоопкерчиликтер жана отчеттуулук тартиби так белгиленген. Бул программанын бардык этаптарында келип чыккан көйгөйлөрдү өз убагында билдирүүгө жана аларды ыкчам чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

5.2.3 СЭЗКП тобокелдиктерин башкаруу

Программа сексуалдык эксплуатация, зомбулук жана кыянаттык менен пайдалануу (СЭЗКП) өзү иш алып барган шарттарда, өзгөчө эмгекти көп талап кылган иш-чаралар, коомчулук менен өз ара аракеттенүү жана потенциалдуу аялуу топтор менен байланыш болгон учурларда, олуттуу тобокелдик экенин тааныйт. Бул тобокелдиктер ЭСТБда аныкталып, бааланган жана программанын коргоо чаралары жана тобокелдиктерди башкаруу ыкмасы аркылуу жөнгө салынат.

Буга жооп катары программа «зыян келтирбөө» жана жабыр тарткан адамдын кызыкчылыктарын биринчи орунга койгон ыкманы колдонот. Бул ыкма СЭЗКП тобокелдиктерин алдын алууга, аныктоого жана башкарууга багытталып, GIZдин Коргоо чаралары жана гендерди башкаруу тутуму аркылуу ишке

ашырылат. Бул ыкма программанын бардык этаптарында алдын алууга, жоопкерчиликти камсыз кылууга жана билдирүү жана чара көрүү механизмдерине коопсуз жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга басым жасайт. СЭЗКП тобокелдиктерин башкаруу боюнча чаралар программанын алкагындагы бардык өз ара аракеттенүүлөргө, анын ичинде ишке ашыруучу өнөктөштөр, подрядчылар жана программанын кызматкерлери катышкан өз ара аракеттенүүлөргө да колдонулат.

СЭЗКП тобокелдиктерин башкаруу төмөнкү негизги элементтер аркылуу ишке ашырылат:

- **Алдын алуу чаралары**, анын ичинде жүрүм-турум кодекстерин колдонуу, ишке ашыруучу өнөктөштөрдүн жана кызматкерлердин маалымдуулугун жогорулатуу, ошондой эле СЭЗКП маселелерин программаны пландаштыруу, эмгек мамилелерин уюштуруу жана кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү процесстерине интеграциялоо.

- **Тобокелдиктерди эске алуу менен ишке ашыруу**, башкача айтканда, иш-чараларды ЭСТБда аныкталган СЭЗКП тобокелдиктерине, анын ичинде бийлик мамилелериндеги теңсиздикке, эмгек шарттарына жана программанын катышуучулары менен бенефициарлардын ортосундагы бирге иштешүүгө байланыштуу тобокелдиктерге дуушар болууну минималдаштырган тартипте иштеп чыгууну жана ишке ашырууну камсыз кылуу.

- **Коопсуз билдирүү жана чара көрүү механизмдери**, программанын атайын Даттанууларды кароо механизми (ДКМ) аркылуу колдоого алынат. Бул механизм СЭЗКП менен байланышкан көйгөйлөр жөнүндө купуя жана гендердик аспектилерди эске алуу менен билдирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт жана жабыр тарткан адамдын кызыкчылыктарын биринчи орунга койгон тиешелүү чара көрүү жол-жоболорун камсыз кылат.

СЭЗКП тобокелдиктери, ошондой эле аларды азайтуу боюнча чаралардын натыйжалуулугу программанын коргоо чараларын жалпы көзөмөлдөө жана адаптивдүү башкаруу процесстеринин алкагында мониторингден өткөрүлөт. Бул жаңы пайда болгон тобокелдиктерди өз убагында аныктоону жана аларга тиешелүү деңгээлде жана пропорционалдуу чара көрүүнү камсыз кылат.

5.2.4 Кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү

Кызыкдар тараптар бул программанын иш-чараларынан түздөн-түз же кыйыр түрдө таасирленген, ошондой эле программанын натыйжаларына таасир эте алган жеке адамдар же топтор. Кызыкдар тараптар менен натыйжалуу бирге иштешүү экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкарууда, ошондой эле программаны инклюзивдүү жана туруктуу ишке ашырууну камсыз кылууда негизги мааниге ээ.

ЭСТБга ылайык, кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү программанын тобокелдиктеринин деңгээлине ылайыкташтырылган жана таасирге кабылган жамааттардын жана кызыкдар тараптардын өзгөчөлүктөрүн эске алган Кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү планынын негизинде жүргүзүлөт. Бирге иштешүү процесстери инклюзивдүү жана гендердик аспектилерди эске алган мүнөздө болуп, улуттук, субулуттук жана жамааттык деңгээлдерде ар кандай шарттарда аялдар менен эркектердин маанилүү жана натыйжалуу катышуусуна мүмкүнчүлүк түзөт.

Кызыкдар тараптардын пикирлери жана кайтарым байланышы программанын ишке ашырылышынын бардык этаптарында документтештирилип, эске алынат. Алар коргоо чаралары боюнча мониторингге, даттанууларды кароого жана адаптивдүү башкарууга негиз болуп, ачык-айкындуулукту, отчеттуулукту жана программанын натыйжалуулугун камсыз кылууга салым кошот.

6. Колдонулган булактар

Agency on Statistics under the President of the Republic of Tajikistan. [Тажикстан Республикасынын Президентине караштуу Статистика боюнча агенттик.] (2020). Women and Men of the Republic of Tajikistan. [*Тажикстан Республикасындагы аялдар жана эркектер.*] Төмөнкү шилтемеден алынды:https://www.stat.tj/wp-content/uploads/2024/02/womenmen_tajikistan_statistical_publication_eng.pdf

Alvi, M. [Элви, М.] (2025). Women's empowerment, climate change and household wellbeing: Evidence from intra-household analysis. [Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, климаттын өзгөрүшү жана үй чарбаларынын бакубаттуулугу: Үй чарбасынын ичиндеги талдоонун негизинде алынган далилдер. CGIAR. [Айыл чарба изилдөөлөрү боюнча эл аралык кеңеш берүү тобу] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://cgspace.cgiar.org/server/api/core/bitstreams/d39e2fa1-ee58-43c6-b31a-c2650a3f2a47/content

Amnesty International. [Амнести Интернэшнл] (2022, 6-апрель). Uzbekistan: Parliament passes long-overdue legislation criminalizing domestic violence. [Өзбекстан: Парламент үй-бүлөлүк зомбулукту кылмыш катары караган, көптөн бери күтүлүп келген мыйзамды кабыл алды.] Amnesty International. [Амнести Интернэшнл] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.amnesty.org/en/latest/news/2023/04/uzbekistan-parliament-passes-long-overdue-legislation-criminalizing-domestic-violence/

Anti-Discrimination Centre. [Антидискриминационный центр] (2025, 3-февраль). Kyrgyzstan lifted professional bans for women. An important stage of the #AllJobs4AllWomen campaign. [Кыргызстан аялдар үчүн кесиптик чектөөлөрдү алып салды. #AllJobs4AllWomen кампаниясынын маанилүү этабы.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://adcmemorial.org/: https://adcmemorial.org/en/news/kyrgyzstan-lifted-professional-bans-for-women-an-important-stage-of-the-alljobs4allwomen-campaign/

Азия өнүктүрүү банкы. (2018). [Uzbekistan Country Gender Assessment: Update.] Өзбекстан боюнча өлкөлүк гендердик баалоо: Жаңыртылган версия. Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.adb.org/documents/uzbekistan-gender-assessment-update

Азия өнүктүрүү банкы. (2020). Women's time use in rural Tajikistan. [Тажикстандын айыл жерлериндеги аялдардын убакытты пайдалануусу.] Төмөнкү шилтемеден алынды: Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.adb.org/sites/default/files/publication/609486/womens-time-use-tajikistan.pdf

Bioversity. [Биоверсити] (2014, 6-март). How gender-specific knowledge is inspiring change in Kyrgyzstan's walnut forests. Retrieved from Allicance Bioversity [Кыргызстандын жаңгак токойлорунда гендердик өзгөчөлүктөргө негизделген билим өзгөрүүлөргө кантип түрткү болууда. Alliance Bioversity] CIAT. [Эл аралык тропикалык айыл чарба борбору]. Төмөнкү шилтемеден алынды: https://alliancebioversityciat.org/stories/gender-specific-knowledge-change-kyrgyzstans-walnut-forests

CEDAW. [АКББТЖК] Concluding observations on the sixth periodic report of Uzbekistan. [Өзбекстандын алтынчы мезгилдүү баяндамасы боюнча жыйынтыктоочу байкоолор.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://docs.un.org/en/CEDAW/C/UZB/CO/6

CIFOR-ICRAF. [ЭТИБ-ДАЧБ] (2023). Women's Land Rights in the Kyrgyz Republic. [*Кыргыз Республикасындагы аялдардын жер укуктары.] Төмөнкү шилтемеден алынды:* https://www.cifor-icraf.org/publications/pdf_files/Books/Socio-legal-review-Kyrgyz.pdf

Daryo. [Дарё] (2026, 26-февраль). *Uzbekistan introduces green and gender-responsive budgeting into state budget framework*. [Өзбекстан мамлекеттик бюджеттин алкагына жашыл жана гендердик жоопкерчиликтүү бюджет түзүүнү киргизди.[Daryo. [Дарё] шилтемесинен алынды: https://daryo.uz/en/2026/02/22/uzbekistan-introduces-green-and-gender-responsive-budgeting-into-state-budget-framework/

Elias, M., Elmirst, R., Ibraeva, G., Sijapati Basnett, B., Ablezova, M., & Siscawati, M. [Элиас жана башкалар (белгилегендей] (2018). Understanding gendered innovation processes in forest-based landscapes: case studies from Indonesia and Kyrgyz Republic. Rome, Italy. [*Токой ресурстарына негизделген ландшафттардагы гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алган инновациялык процесстерди түшүнүү: Индонезия жана Кыргыз Республикасындагы мисалдар. Рим, Италия.]* https://cgspace.cgiar.org/server/api/core/bitstreams/54905188-4971-42d2-9784-9795127a5cdd/content

ФАО. (2016). National gender Profile of Agricultural and Rural Livelihoods - Kygyz Republic. [*Кыргыз Республикасындагы айыл чарба жана айыл жериндеги жашоо-тиричиликтин гендердик улуттук профили.] Төмөнкү шилтемеден алынды:* https://openknowledge.fao.org/server/api/core/bitstreams/1cf4c70a-c82c-4dbc-9bb8-170f9fef9176/content

ФАО (2025a). National gender profile of agriculture and rural livelihoods - Republic of Tajikistan. [*Тажик Республикасындагы айыл чарба жана айыл жериндеги жашоо-тиричиликтин гендердик улуттук профили.]* https://doi.org/10.4060/cd6263en

ФАО. (2025b). *National gender profile of agriculture and rural livelihoods - Uzbekistan.* Budapest, Hungary: FAO. [*Өзбекстандагы айыл чарба жана айыл жериндеги жашоо-тиричиликтин гендердик улуттук профили. Будапешт, Венгрия: ФАО] Төмөнкү шилтемеден алынды:* https://doi.org/10.4060/cd7898en

ФАО жана ЖКФ. (2025, 8-март). Women boost forest and rangeland conservation in Kyrgyzstan. [Кыргызстанда аялдар токойлорду жана жайыттарды коргоого олуттуу салым кошууда.] FAO. ФАОнун шилтемесинен алынды: https://www.fao.org/gcf/news-and-events/news-detail/women-boost-forest-and-rangeland-conservation-in-kyrgyzstan/

Global Forest Coalition. [Глобалдык токой коалициясы]. (2020, 2020, 3-март). Women's rights and traditional knowledge are crucial for conserving biodiversity in Kyrgyzstan. [Кыргызстанда биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо үчүн аялдардын укуктары жана салттуу билими өтө маанилүү.] Global Forest Coalition. [Глобалдык токой коалициясынын] шилтеменсинен алынды: https://globalforestcoalition.org/womens-rights-kyrgyzstan/

Тажикстан Республикасынын Өкмөтү. (2020). National Review of the Republic of Tajikistan on the Implementation of the Beijing Declaration and Platform for Action (1995) within the scope of implementation of the 2030 Sustainable Development Agenda and the outcomes of the twenty-third special sessio. [Туруктуу өнүгүү боюнча 2030-жылга чейинки күн тартибин ишке ашыруунун алкагында Пекин декларациясын жана Иш-аракеттер платформасын (1995) ишке ашыруу боюнча Тажикстан Республикасынын улуттук баяндамасы жана Пекин +23 атайын сессиясынын жыйынтыктары.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.asiapacificgender.org/sites/default/files/2024-02/Tajikistan%20%28English%29.pdf

Жашыл климаттык фонд. (2025). Gender Action Plan for FP283: Glaciers to Farms (G2F) Regional Program: Advancing Climate Resilience & Sustainable Development in Central and West Asia. [FP283: «Мөңгүлөрдөн чарбаларга» аймактык программасы боюнча Гендердик иш-аракеттер планы: Борбордук жана Батыш Азияда климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жана туруктуу өнүгүүнү илгерилетүү.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.greenclimate.fund/document/gender-action-plan-fp283-glaciers-farms-g2f-regional-program-advancing-climate-resilience

ЭАС. (2025). Nowhere to go: Access to justice for women survivors of gender-based violence in Tajikistan. Geneva, Switzerland. [*Кайрыла турган жери жок: Тажикстанда гендердик зомбулуктан жабыр тарткан аялдардын сот адилеттигине жетүүсү. Женева, Швейцария.] Төмөнкү шилтемеден алынды:* https://www.icj.org/wp-content/uploads/2026/01/ICJ-Report_WEMJUST_eng.pdf

АУЭӨ. (2023). Uzbekistan (for 8 November 2023) Submission to the United Nations Universal Periodic Review 44th session of the UPR Working Group. [*Өзбекстан (2023-жылдын 8-ноябрына карата): Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча универсалдуу мезгилдүү кароосунун 44-сессиясына UPR жумушчу тобуна сунушталган баяндама.] Төмөнкү шилтемеден алынды:* https://www.iphronline.org/wp-content/uploads/2023/04/UPR-Uzbekistan-2023.pdf

Malapit, [Малапит] H. J.-D. Development of the project-level Women's Empowerment in Agriculture Index (pro-WEAI). International Food Policy Research Institute (IFPRI). (2019). [Долбоор деңгээлинде айыл чарбасындагы аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү индексин (pro-WEAI) иштеп чыгуу. Эл аралык азык-түлүк саясаты боюнча изилдөө институту.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://ebrary.ifpri.org/utils/getfile/collection/p15738coll2/id/133816/filename/134029.pdf

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. (2021). Убакытты пайдалануу боюнча тандалма изилдөөнүн жыйынтыктары. Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.stat.gov.kg/media/publicationarchive/d1b322f7-19d5-4012-ba11-9c0908b55260.pdf

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. (2026). Калктын статистикасы. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Төмөнкү шилтемеден алынды: https://stat.gov.kg/en/statistics/naselenie/

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. (жыл көрсөтүлгөн эмес). Иш менен камсыз кылуу статистикасы. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.stat.gov.kg/en/statistics/zanyatost/

Тажикстан Республикасы. (2021). The Updated NDC of the Republic of Tajikistan. [Тажикстан Республикасынын жаңыртылган Улуттук деңгээлде аныкталган салымы (УДС).] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://unfccc.int/sites/default/files/NDC/2022-06/NDC_TAJIKISTAN_ENG.pdf

Өзбекстан Республикасы. (2021). Strategy for Achieving Gender Equality in the Republic of Uzbekistan until 2030. [Өзбекстан Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча 2030-жылга чейинки стратегия.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://saylov.uz/en/gender-equality/national-legislation_in/strategy-for-achieving-gender-equality-in-the-republic-of-uzbekistan-until-2030

Өзбекстан Республикасы. (2022). *Uzbekistan Decree On Measures To Further Accelerate Work On Systematic Support For Families And Women.* [Үй-бүлөлөрдү жана аялдарды системалуу түрдө колдоо боюнча иштерди мындан ары тездетүү чаралары жөнүндө Өзбекстан Республикасынын Жарлыгы.]

sdgfdfg. (2024). *fdgdfg.* Retrieved from dgdf.

Тажикстан Республикасынын Президентине караштуу Статистика боюнча агенттик. (жыл көрсөтүлгөн эмес). Population and Housing census. Retrieved from TAJSTAT [Калкты жана турак жай фондун каттоо. TAJSTAT.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.stat.tj/en/population-and-housing-census/

Өзбекстан Республикасынын Президентинин алдындагы Статистика агенттиги. (жыл көрсөтүлгөн эмес). Төмөнкү шилтемеден алынды: Өзбекстан Республикасынын Улуттук статистика комитети. https://stat.uz/en/

Эл аралык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы / Дүйнөлүк банк. (2024). Country Gender Assessment for Uzbekistan 2024. [Өзбекстан боюнча өлкөлүк гендердик баалоо, 2024-жыл.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://documents1.worldbank.org/curated/en/099052824010093257/pdf/P1756961bcc2a50811a9d21c373fd390418.pdf

Кыргыз Республикасы. (2025). Nationally Determined Contributuon of the Kyrgyz Republic NDC3.0. [Кыргыз Республикасынын Улуттук деңгээлде аныкталган салымы (NDC 3.0).] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://unfccc.int/sites/default/files/2025-10/NDC3.0_Kyrgyzstan_English_30-09-2025%20%282%29.pdf

Дүйнөлүк банк. (2024). Proposal for Uzbekistan: Resilient food systems through climate services for agriculture. Adaptation Fund. [Өзбекстан үчүн сунуш: Айыл чарбасы үчүн климаттык кызмат көрсөтүүлөр аркылуу туруктуу азык-түлүк системаларын өнүктүрүү. Адаптация фонду.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.adaptation-fund.org/wp-content/uploads/2024/03/3_AFB.PPRC_.33.18-Proposal-for-Uzbekistan.pdf

Дүйнөлүк банк тобу. (2021a). Climate Change Action Plan 2021-2025. [Климаттын өзгөрүшү боюнча иш-аракеттер планы, 2021–2025-жылдар.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://documents1.worldbank.org/curated/en/705731624380363785/pdf/World-Bank-Group-Climate-Change-Action-Plan-2021-2025-Supporting-Green-Resilient-and-Inclusive-Development.pdf

Дүйнөлүк банк тобу. (2021b). Tajikistan Country Gender Assessment. [Тажикстан боюнча өлкөлүк гендердик баалоо.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://documents1.worldbank.org/curated/en/874641637562869105/pdf/Tajikistan-Country-Gender-Assessment.pdf

БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы. (2025, 27-февраль). Kyrgyzstan: UN rights experts dismayed by new restrictions on freedom of religion or belief. [Кыргызстан: БУУнун адам укуктары боюнча эксперттери дин тутуу же ишеним эркиндигине киргизилген жаңы чектөөлөргө тынчсызданууусун билдиришти.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.ohchr.org/en/press-releases/2025/02/kyrgyzstan-un-rights-experts-dismayed-new-restrictions-freedom-religion-or

БУУнун Аялдар боюнча уюму. (2025). Tajikistan. Retrieved from UN Women Europe and Central Asia: [Тажикстан.] БУУ Аялдар Дата. Төмөнкү шилтемеден алынды:] https://data.unwomen.org/country/tajikistan

БУУнун Аялдар боюнча уюмунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү (БУУ Аялдар Кыргызстан). (2025). The role of women in biodiversity conservation in Kyrgyzstan. [Кыргызстанда биологиялык ар түрдүүлүктү сактоодогу аялдардын ролу]. Төмөнкү шилтемеден алынды: https://eca.unwomen.org/sites/default/files/2025-12/cgep_web.pdf

БУУнун Аялдар боюнча уюму (БУУ Аялдар). (жыл көрсөтүлгөн эмес). Тажикстан. БУУ Аялдар Европа жана Борбордук Азиянын шилтемесинен алынды: https://eca.unwomen.org/en/where-we-are/tajikistan

БУУнун Өнүктүрүү программасы (БУУӨП). (2021, 5-май). The role of women in biodiversity conservation in Kyrgyzstan. [Кыргызстанда биологиялык ар түрдүүлүктү сактоодо аялдардын ролу.] БУУӨПтүн. шилтемесинен алынды:: https://www.undp.org/kyrgyzstan/blog/role-women-biodiversity-conservation-kyrgyzstan

БУУнун Өнүктүрүү программасы (БУУӨП). (жыл көрсөтүлгөн эмес). Gender Development Index (GDI). [Гендердик өнүгүү индекси (ГӨИ).] Адамзаттын өнүгүүсү боюнча баяндамалардын шилтемесинен алынды: https://hdr.undp.org/gender-development-index#/indicies/GDI

БУУнун Өнүктүрүү программасынын БУУ Көз карандысыз баалоо кеңсеси (2025). Independent Country Programme Evaluation Uzbekistan. UNDP Independent Evaluation Office. [Өзбекстан боюнча өлкөлүк программанын көз карандысыз баалоосу. БУУнун Өнүктүрүү программасынын Көз карандысыз баалоо кеңсеси.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.undp.org/sites/g/files/zskgke326/files/2025-07/icpe-uzbekistan-main-report.pdf

БУУнун Калк фондусу. (2025). Impact of climate change on reproductive health in Kyrgyzstan. Bishkek: United Nations Population Fund. [Климаттын өзгөрүшүнүн Кыргызстандагы репродуктивдик ден соолукка тийгизген таасири. Бишкек: Бириккен Улуттар Уюмунун Калк фонду.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://kyrgyzstan.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/2025-11/20250808_2_ENG_Impact_of_CC_on_RH_in_Kyrgyzstan_UNFPA_08_08_25.pdf

Өзбекстандагы Бириккен Улуттар Уюму. (2025). United Nations Sustainable Development Cooperation Framework 2026-2030. United Nations. [Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүү боюнча кызматташтык алкагы, 2026–2030-жылдар. Бириккен Улуттар Уюму.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://unece.org/sites/default/files/2025-12/CF%20Uzbekistan%202026-2030_FINAL.pdf

Дүйнөлүк банк тобу. (2024). Women, Business and the Law 2024. [Аялдар, бизнес жана мыйзам 2024.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://bit.ly/WBL2024_FullReport

Дүйнөлүк экономикалык форум. (2025). Global Gender Gap Report 2025 Insight Report June 2025. [Глобалдык гендердик ажырым боюнча отчет 2025: Аналитикалык баяндама, июнь 2025-жыл.] Төмөнкү шилтемеден алынды: https://reports.weforum.org/docs/WEF_GGGR_2025.pdf

Жусупбек Г. & (2021). Human rights of daughters-in-law (kelins) in Central Asia: Harmful traditional practices and structural oppression. Central Asian Survey, 222-241. [Борбордук Азиядагы келиндердин адам укуктары: зыяндуу салттуу практикалар жана түзүмдүк басмырлоо. Борбордук Азиядагы изилдөө, 222–241-бб.]

7. Тиркемелердин тизмеси

1-тиркеме: Семинардын иш-чаралары боюнча формалар – гендердик багыттар

Багыт	Багыт берүүчү суроолор
Практикалар жана катышуу	Үй чарбасындагы, өндүрүштүк жана репродуктивдик милдеттердеги айырмачылыктар аялдар менен эркектердин жер пайдалануу практикаларындагы ролдоруна таасир этеби? Айрым жер пайдалануу практикаларында же айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айрым түрлөрүн өстүрүүдө аялдар же эркектер басымдуулук кылабы? Эмне үчүн? Эркектердин шаарларга миграциясы бул сектордогу аялдар менен эркектердин ролдоруна таасир эттиби? Кантип? Үй-бүлөлөрдүн ичиндеги айыл чарба боюнча билим деңгээлинде айырмачылыктар барбы жана бул аялдар менен эркектердин айыл чарба чөйрөсүндө аткарган иштерине таасир этеби? Бул ар кандай ролдорго кандайдыр бир баа (финансылык киреше, коомдогу кадыр-барк, иерархиялык абал) берилеби? Бул айыл чарба секторунда аялдар менен эркектердин эмгек акысынын ортосунда олуттуу гендердик айырмачылыктардын пайда болушуна алып келеби? Аялдардын көбүнчө акы төлөнбөгөн же аз акы төлөнгөн эмгеги алардын талаадагы жана үй чарбасындагы иштерге кошкон салымын коом тарабынан таануунун төмөндөшүнө алып келеби? Аялдар жетектеген айыл чарба ишканалары барбы? Алардын кандайча иш алып барарына мисалдарды келтириңиз. Аялдар жана жаштар жер пайдалануу секторунда жетекчилик жана саясатты иштеп чыгуу процесстерине катышабы? Эгер катышса, кандай деңгээлде жана кандай ролдо катышат?

Багыт	Багыт берүүчү суроолор
Билим, ишенимдер жана социалдык ченемдер жана Мыйзамда каралган жана каада-салтка негизделген укуктар жана статус	Маданий нормалар жана салттуу ишенимдер социалдык, экономикалык, билим берүү жана потенциалды өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө жеткиликтүүлүктү аныктайбы? Бул системалар жер пайдалануу практикаларына, жерге менчик укугуна жана мураска калтырууга таасир этеби? Аялдардын жерге жеткиликтүүлүгүнө, мүлктү мураска алуу укугуна, банктык эсеп ачууга жана башка ушул сыяктуу мүмкүнчүлүктөрүнө тоскоол болгон басмырлоочу мыйзамдар же саясаттар дагы деле барбы? Акыркы жылдары аялдардын айыл чарба, билим берүү жана каржы секторлорундагы катышуусун кеңейтүүгө шарт түзгөн прогрессивдүү мыйзамдардын жана программалардын натыйжасында байкалардык өзгөрүүлөр болду беле? Мисалдарды келтириңиз.

Багыт	Багыт берүүчү суроолор
Бийлик, чечимдерди кабыл алуу жана активдерге жана финансылык ресурстарга жеткиликтүүлүк	Райондо өндүрүштүк жерлерге болгон менчиктин болжолдуу бөлүштүрүлүшү кандай? (Эркектер жана аялдар башкарган чарбалардын, ошондой эле кооперативдик негизде башкарылган же ээлик кылынган жерлердин үлүшү кандай?) Аялдар жана эркектер башкарган чарбалардын көлөмү айырмаланабы? Эгер айырмаланса, кандай айырмачылыктар бар? Аялдар жана эркектер башкарган чарбалардын ортосунда башка олуттуу айырмачылыктар барбы? Мисалы, өндүрүмдүүлүк, өстүрүлгөн айыл чарба өсүмдүктөрү, колдонулган технологиялар, продукциянын баасы / рыноктук наркы ж.б. жагынан.

	Айыл чарба секторунда чечимдерди кабыл алуу укугунда жана өндүрүштүк активдерге ээлик кылууда аялдар менен эркектердин ортосунда гендердик айырмачылыктар барбы? Айыл чарба иштерин жүргүзүү, продукцияны кайра иштетүү жана сатуу, жабдууларды сатып алуу, бааларды аныктоо, товарларды сатуу же аларды үй-бүлөлүк керектөөгө пайдалануу сыяктуу маселелер боюнча чечимдерди ким кабыл алат? Үй-бүлөлөр кирешени кандайча башкарат? Ким киреше табат, ким финансылык каражаттарды көзөмөлдөйт, акча негизинен эмнеге жумшалат, ошондой эле расмий же расмий эмес топтоо, насыя алуу жана банктык кызмат көрсөтүүлөр пайдаланылатбы? Райондо аялдар жана жаштар, ишкерлер менен фермерлер финансылык кеңеш алуу, топтоо схемаларын түзүү, насыя алуу жана камсыздандыруу кызматтарына жетүү үчүн пайдалана ала турган же келечекте пайдалана алышы мүмкүн болгон кандай расмий жана расмий эмес финансылык институттар жана каржылоо механизмдери бар?

2-тиркеме: Кызыкдар тараптар менен бирге иштешүү боюнча жыйынтыктардын кыскача таблица

Өлкө, райондор жана катышуучулар	**Жер пайдалануу иш-чараларында аялдардын жана жаштардын негизги ролдору жана жоопкерчиликтери**	**Климаттын жана айлана-чөйрөнүн аялдарга тийгизген таасири**	**Аялдардын жана жаштардын жер пайдалануу иш-чараларына катышуусуна таасир этүүчү көйгөйлөр жана эске алынуучу жагдайлар**	**Программа тарабынан көрсөтүлүшү мүмкүн болгон колдоо**
Тажикстан ***Деваштич жана Кабодиён райондору*** **Эки көп максаттуу семинарда, ошондой эле бир нече ФТТларда жана Негизги маалымат берүүчүлөр менен маектерде (KII) 100 аял жана 129 эркек катышты.**	**Аялдар** райондордо жер пайдалануу жана айыл чарба иштеринде маанилүү, бирок негизинен расмий эмес рол ойношот. Эки райондо тең аялдар башкарган чарбалар бардык чарбалардын болжол менен **5–7%ын** түзөт, ал эми аялдар катышкан кооперативдерди дагы деле эркектер жетектейт. Аялдардын негизги милдеттерине жерди даярдоо, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү, зыянкечтерге каршы күрөшүү, түшүм жыйноо, мал багуу, жаратылыш ресурстарын башкаруу (анын ичинде сууну алуу жана пайдалануу) жана продукцияны сатуу кирет. Бирок бул ролдор жергиликтүү жер пайдалануу практикасына жана эркектер менен жаштардын миграциялык агымдарына жараша жергиликтүү шарттарда айырмаланат. Деваштич районунда аялдар бак-даракталарды жана мөмө-жемиш бактарын карооо, үй жанындагы бакчачылыкка, чакан көлөмдөгү багбанчылыкка, жерди даярдоого,	**Деваштич:** жаан-чачындын туруксуз болушу жана сугат суусунун жеткиликтүүлүгүнүн азайышы бактардын түшүмдүүлүгүнө, картошка өстүрүүгө жана топурактагы нымдуулуктун сакталышына терс таасирин тийгизүүдө. **Кабодиён:** сугат инфраструктурасыны н натыйжасыздыгы, айрым аймактарда топурактын шорлонушунун күчөшү жана жай мезгилиндеги температуранын жогорулашы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн төмөндөтүп жаткан негизги көйгөйлөр болуп саналат. Бул таасирлер аялдардын жумуш жүгүн көбөйтөт, айрыкча суу кол менен ташылган учурда (анткени үй чарбасында сууну башкаруу негизинен аялдардын милдети болуп саналат) же айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмү болбой калган учурда кошумча ыңгайлашуу чараларын көрүү зарыл болгондо.	Айыл чарбасын кеңеш берүү кызматтарына жана техникалык маалыматка жеткиликтүүлүктүн чектелүү болушу. Климатка туруктуу жана жерди туруктуу пайдалануу практикалары боюнча билимдин жетишсиздиги. Чечим кабыл алуу процесстерине катышуунун чектелүү болушу. Мисалы, аялдардын жер пайдалануусу пландаштырууга жана Суу пайдалануучулар ассоциацияларына катышуусу жетишсиз. Буга социалдык нормалар, өзүнө болгон ишенимдин төмөндүгү жана жумуштун көптүгүнөн келип чыккан тоскоолдуктар себеп болууда. Финансылык кызматтарга жана насыяларга жеткиликтүүлүктүн чектелүү болушу. Буга күрөөнүн жоктугу, жогорку пайыздык чендер жана жазылбаган «күйөөсүнүн же атасынын уруксатын алуу» эрежеси себеп болот. Мамлекеттик гранттар жана эл аралык программалар кандайдыр бир деңгээлде колдоо көрсөтүп жатканы менен, заманбап технологияларды сатып алуу үчүн бул колдоо жетишсиз.	Программага гендердик сезимталдыкты, жаштардын катышуусун жана климатка туруктуу ыкмаларды киргизүү зарыл, мисалы: Айыл деңгээлинде туруктуу жер пайдалануу жана климатка ылайык айыл чарба боюнча практикалык окутууларды уюштуруу – аялдар үчүн ыңгайлуу убакытта жана жайда өткөрүлүп, алардын үй-бүлөлүк милдеттери менен шайкеш келиши, ашыкча жол жүрүүнү талап кылбашы жана зарыл болсо транспорттук колдоо көрсөтүлүшү. Бул программадагы иш-чараларды аялуу топтордун эмгек жана убакыт жүгүн көбөйтпөй тургандай кылып пландаштырууну билдирет. Жеткиликтүү финансылык механизмдерге мисалы, чакан гранттарга, түз себүү технологиясын өздөштүрүүнү тездетүү механизмдерине же топтук топтоо механизмдерине жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

	түшүм жыйналгандан кийинки кайра иштетүүгө, мал чарбачылыгына жана жергиликтүү базарларда продукция сатууга активдүү катышат. Кабодион районунда аялдар сугат дыйканчылыгына (эгүү, отоо, түшүм жыйноо), айрыкча жашылча өстүрүүгө, ошондой эле сезондук айыл чарба иштерине олуттуу салым кошот. Райондо аялдардын эмгеги дээрлик дайыма үй-бүлөлүк чарбаларда акы төлөнбөстөн аткарылат, бул алардын үй-бүлөнүн экономикасына кошкон салымы көп учурда көрүнбөй калышына алып келет. Көптөгөн үй-бүлөлөрдө, айрыкча эркектер сезондук жумуш издеп миграцияга кеткен учурда, аялдар чарбаны жүргүзүү жана үй-бүлөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кеңейтилген жоопкерчиликтерди өз мойнуна алышат. Натыйжада аялдар салттуу түрдө эркектерге да, аялдарга да таандык деп эсептелген ролдорду бирдей аткарышат. Ошондой эле алар үй-бүлөнүн каржысын башкарууга катышат. Жаш эркектер да базардагы соода-сатык иштерин жүргүзүү жана сууну бөлүштүрүү сыяктуу олуттуу жумуштарды аткарышат. Аялдар жер пайдалануу практикасына активдүү салым кошконуна карабастан, алардын Суу пайдалануучулар		Жерге ээлик кылуудагы чектөөлөр, анткени жерге болгон күбөлүктөр, адатта, эркектердин атына катталат. Каада-салттык практикаларда уулдарга артыкчылык берилет, алар, адатта, жерди мураска алышат. Бул аялдардын мурастоо жана жерге болгон укуктарын коргогон расмий мыйзамдарга карабастан сакталып келет. Үй чарбасындагы оор милдеттердин көптүгү аялдардын убактысын жана мобилдүүлүгүн чектейт (климаттын өзгөрүшү бул жүктү ого бетер күчөтүүдө). Айыл чарба иштеринин кызуу мезгилинде аялдарга жана жаштарга кошумча эмгек жүгү түшүп, бул төмөнкүдөй натыйжаларга алып келет: аялдардын физикалык жумуш жүгүнүн көбөйүшүнө; балдардын билим алуусуна бөлүнгөн убакыттын кыскарышына; аялдардын жана жаштардын ден соолугуна терс таасирлерге; аялдар үчүн «үч эселенген жүккө» - үй чарбасы, бала багуу жана талаа иштерин бир убакта аткарууга алып келет.	Аялдар жана жаштар үчүн сугат технологияларына, сапаттуу үрөнгө жана айыл чарба өндүрүшүнүн керектүү ресурстарына жеткиликтүүлүктү жакшыртуу. Эркектердин арасында маалыматтуулукту жогорулатуу аркылуу чечим кабыл алуу процесстеринде баарынын катышуусун камсыз кылуу, ошондой эле жер жана суу ресурстарын башкаруу боюнча талкууларга аялдардын активдүү катышуусуна өбөлгө түзүү жана алардын укук-мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн потенциалын жогорулатууга колдоо көрсөтүү. Жер пайдалануу жана гендердик саясаттарды жергиликтүү деңгээлде ишке ашырууну күчөтүү, ал үчүн жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу. Ар бир райондо программанын иш-чараларына байланыштуу сезимтал маселелерди координациялоо үчүн кеминде бир аял фасилитаторду же байланыш үчүн жооптуу адамды дайындоо. Бул программанын так аныкталган жүрүм-турум кодекси жана купуя даттанууларды кабыл алуу механизми менен айкалыштырылышы керек.

	ассоциациялары жана жергиликтүү жер комиссиялары сыяктуу расмий чечим кабыл алуу органдарына катышуусу дагы эле чектелүү бойдон калууда. Социалдык ченемдер, өзүнө болгон ишенимдин төмөндүгү жана жыйындарга максаттуу чакыруулардын жетишсиздиги сугат графигин түзүү, жайыттарды башкаруу жана жер бөлүштүрүүгө байланыштуу пландаштыруу процесстеринде аялдардын өкүлчүлүгүн азайтууда. **Жаштар** социалдык медиа платформалары аркылуу айыл чарба продукцияларын сатууга барган сайын көбүрөөк көмөк көрсөтүп, жаңы рыноктук мүмкүнчүлүктөрдү аныктоого жана үй-бүлөлөргө айыл чарбасына байланыштуу маалыматты онлайн алууга жардам берүүдө. Бирок жаштардын миграциясынын деңгээли дагы эле жогору болгондуктан, жергиликтүү жумушчу күчүнүн жетишсиздиги байкалууда. Консультацияларга жаштардын катышуусу төмөн жана алардын пикирин билдирүүсү азыраак болгон. Бул жаштарды тартуунун кошумча стратегияларын иштеп чыгуу зарылдыгын көрсөтөт.			Жаштарды программага тартуу программанын багыттары менен тааныштыруу, практикалык демонстрацияларды өткөрүү жана алардын инклюзивдүү катышуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүү аркылуу камсыздалышы керек (маалымдуулукту жогорулатуу жана көндүмдөрдү өнүктүрүү). Кооперативдерди жана өндүрүүчүлөрдүн топторун күчөтүү, анын ичинде аялдар жана жаштар жетектеген ишканаларды түзүүгө колдоо көрсөтүү аркылуу тобокелдиктерди жакшыраак башкарууга жана базарга жеткиликтүүлүктү жакшыртууга көмөктөшүү.
Өзбекстан *Янгикурган* жана *Бешарык* райондору	Эки райондо тең эркектердин миграциясы **аялдардын** үй чарбасындагы жана өндүрүштүк	Кургакчылык, суунун тартыштыгы (анын ичинде айрым жерлерде сугат үчүн зарыл болгон трансчек аралык суу	Аялдар менен кыздардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө, мисалы, билим берүүгө багытталган	Жаштар үчүн жумуш орундарын түзүү жана аялдар менен жаштардын эмгегин расмийлештирүүгө колдоо көрсөтүү.

Эки көп максаттуу семинарга катышкан 14 аял жана 71 эркек. Аялдар үчүн гана өткөрүлгөн эки фокус-топтук талкуудан (ФТТ) 29 аял жана лидер аял менен бир негизги маалымат берүүчү маеги (НМБМ).	милдеттерин күчөтүп, алардын барган сайын ири көлөмдөгү айыл чарба иштерин өз алдынча башкаруусуна алып келүүдө. Бешарык районунда аялдар талаадагы «практикалык» иштерди (отургузуу, жер семирткич чачуу ж.б.) жана үй-бүлөнүн керектөөсүнө арналган бакча тилкелерин негизинен өздөрү жүргүзүшөт. Ошол эле учурда, коммерциялык айыл чарбасына аялдар үчүн жеткиликтүү жердин көлөмү эркектерге караганда аз. Эркектер «теориялык» иштерди (жерди башкаруу жана пландаштыруу) аткарышат жана алгачкы отургузуу, жерди жумшартуу/айдоо жана түшүм жыйноо үчүн колдонулган техникаларды иштетишет. Янгикурган районунда аялдар талаа иштеринин басымдуу бөлүгүнө, мал чарбасын башкарууга жана үй-бүлөнүн керектөөсүнө багытталган чарбалык иштерге жооптуу. Аялдар талаадагы иштерден тышкары багбанчылык кошумча нарк чынжырчасында да маанилүү рол **ойношот**; алар продукцияны сорттоо жана таңгактоо иштерине активдүү катышат. **Жаштар** жер бөлүп берүүгө байланыштуу ар кандай мамлекеттик стимулдар жана	булактарынан суунун жетишсиздиги) жана кардын аз жаашы жергиликтүү калктын жашоо каражаттарына таасир эткен негизги экологиялык көйгөйлөр болуп саналат. Экинчи даражадагы айыл чарба өсүмдүктөрү куурап, жер астындагы суулардын деңгээли төмөндөп жатат, бул аялдар башкарган үй жанындагы короолорго өзгөчө терс таасирин тийгизүүдө. Мөмө-жемиш бактарына зыян келтирген жогорку ылдамдыктагы, адаттан тыш катуу шамалдар.	стимулдар (№585 Жарлык) аркылуу олуттуу жылыштар болгонуна карабастан, бир катар тоскоолдуктар дагы деле сакталып калууда: Аялдар жерге ээлик кылуу жана жер пайдалануу боюнча чечимдерге азыраак катышат; жер маселелерин негизинен эркектер чечет, алар башка эркектер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт жана бул үй-бүлө башчысынын жоопкерчилиги катары кабыл алынат. Өндүрүш жана продукцияны сатуу боюнча чечимдерди адатта үй-бүлөнүн эркек мүчөлөрү кабыл алышат. Насыя алуу үчүн талап кылынган расмий жумуш ордун тастыктоочу документтер, адатта, үй-бүлөнүн эркек мүчөлөрүндө болот. Расмий эмес сектордо иштеген аялдар мындай насыяларды ала алышпайт. Ошол эле учурда, аялдар айыл чарба иштерине катышуу үчүн жеңилдетилген жана пайызсыз насыяларга барган сайын көбүрөөк мүмкүнчүлүк алышууда. Аялдардын үй чарбасындагы милдеттери алардын айыл чарба иштерине катышууга бөлө алган убактысын чектейт. Аялдардын эмгеги негизинен расмий эмес жана күнүмдүк акы төлөнүүчү эмгек бойдон калууда.	Аялдар жетектеген ишканалардын ишмердүүлүгүн кеңейтүүгө / учурдагы ийгиликтүү тажрыйбаларды башка жерлерде кайра колдонууга колдоо көрсөтүү (үй-бүлөлүк ишканалардын алкагында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кантип кеңейтүүгө болорун изилдөө, анткени мындай ишканалар кеңири таралган). Аялдар үчүн өзүнчө форматта, жашаган жерлерине жакын жерде маалыматтык-түшүндүрүү иш-чараларын, жолугушууларды жана тренингдерди өткөрүү. Сезимтал мүнөздөгү даттанууларды жергиликтүү махалланын ишенимдүү аял өкүлү тарабынан кароону камсыз кылуу. Аял фермерлердин техникалык потенциалын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү, аялдар менен эркектердин ортосундагы билим ажырымын азайтуу, анын ичинде өндүрүш, продукцияны сатуу жана башка багыттар боюнча. Халык Банк жана Агробанк тарабынан киргизилген ийгиликтүү финансылык механизмдерди кеңейтүү, анын ичинде аялдар үчүн жеңилдетилген насыя шарттарын жана аялдардын маселелери боюнча адистештирилген банк менеджерлерин дайындоо сыяктуу

	жеңилдиктер аркылуу жер пайдалануу иш-чараларына катышууга кызыктырылууда. Янгикурган районунда жаштар үй-бүлөлүк ишканаларды колдоого активдүү катышып, атап айтканда, онлайн-маркетинг, санариптик сатуу жана жеткирүү чынжырынын логистикасын башкаруу аркылуу бизнести өнүктүрүүгө салым кошууда.			чараларды масштабдоо.
Кыргыз Республикасы Базар-Коргон жана Кара-Суу райондору Аялдар үчүн гана өткөрүлгөн эки фокус-топтук талкуунун (ФТТ) алкагындагы 18 аял (Кара-Сууда 5 жана Базар-Коргондо 13), ошондой эле катышуучулардын саны катталбаган гендердик анализ сессиялары.	Эки райондо тең **аялдар** айыл чарбасына олуттуу салым кошушат, бирок бул салым терең тамырлашкан салттуу гендердик нормалардын алкагында ишке ашат. Алардын негизги ролдору төмөнкүлөрдү камтыйт: Үй чарбасындагы иштерди аткаруу, балдарды багуу жана чакан көлөмдөгү айыл чарба өндүрүшү, анын ичинде үй жанындагы жер тилкелерин иштетүү жана мал багуу. Продукцияны кайра иштетүү жана зарыл болгон учурда сезондук айыл чарба иштерине колдоо көрсөтүү. Айрым учурларда эркектер эмгек миграциясына кеткенде, аялдар чарбаны убактылуу башкаруу боюнча жоопкерчиликти өз мойнуна алышат. **Кара-Сууда** аялдардын катышуусу социалдык нормалар тарабынан олуттуу чектелет. Аялдар эркектердин алдында сүйлөбөйт, талаа иш-	**Механизациянын кеңири колдонулушу** пахта жана жүгөрү сыяктуу өсүмдүктөрдү өстүрүүдө аялдардын кол эмгегине болгон муктаждыкты азайтып, алардын салттуу ролдорун өзгөрттү, бирок бул жалпы эмгек жүгүн азайткан жок. Жайыттардагы жаратылыш ресурстарынын азайышы (мисалы, жапайы чөптөрдүн азайышы) балдардын сезондук иштерине таасирин тийгизип, үй чарбалары туш болуп жаткан экологиялык деградациянын акырындап күчөп жатканын көрсөтөт. Үй-бүлөлөрдүн аялдардын жана балдардын эмгегине болгон көз карандылыгы климаттык шарттарга сезимтал болгон кызуу сезондук мезгилдерде, мисалы, пахта жыйноо маалында, күчөйт. Кара-Сууда аялдар суунун катуу тартыштыгына жана өтө ысык мезгилдерге туш болушат. Бул картошка жана жүгөрү сыяктуу өсүмдүктөрдүн	Эки райондо тең аялдар түзүмдүк жана социалдык-маданий мүнөздөгү олуттуу чектөөлөргө туш болушат: Терең тамырлашкан патриархалдык нормалар аялдардын жыйындарга катышуусуна, коомдук жерде өз оюн билдирүүсүнө, транспорт уюштуруусуна жана чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуусуна тоскоол болот. Эркектер үстөмдүк кылган бийлик түзүмдөрү, анын ичинде таасирдүү аксакалдар, аялдардын мобилдүүлүгүн, окутууларга катышуусун жана ресурстарга жеткиликтүүлүгүн чектеши мүмкүн. Кара-Сууда диний консерватизмдин күчөшү аялдардын коомдук жана экономикалык чөйрөдөгү ролунун тарышына алып келүүдө. Балдарды кароо боюнча милдеттер аялдардын окутууларга же акы төлөнүүчү жумушка катышууга мүмкүнчүлүгүн азайтат.	Кеңеш берүү жыйынтыктары маданий өзгөчөлүктөргө сезимтал болгон күчтүү ыкмаларды колдонуу зарылдыгын көрсөттү. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт: Гендердик аспектилерди эске алган кеңеш берүү процесстери, анын ичинде аялдар үчүн өзүнчө коопсуз мейкиндиктерди түзүү жана ишенимдүү жергиликтүү ортомчуларды тартуу. Окутууга жана финансылык ресурстарга тең жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, аялдарга ылайыкташтырылган колдоону, анын ичинде насыяларды, гранттарды жана максаттуу маалыматтык иштерди уюштурууну камтуу. Логистикалык колдоо көрсөтүү, мисалы, жол чыгымдарын компенсациялоо, коопсуз транспорт жана бир нече күнгө созулган окутуулар үчүн жатакана

	чараларына катышпайт жана транспорт уюштурууга мүмкүнчүлүгү жок. Бул алардын жер пайдалануу иш-чараларына түздөн-түз катышуусун бир топ чектейт. **Базар-Коргондо** аялдар айыл чарба иштерине активдүү катышып, өздөрүн айыл чарба эмгегинин негизги күчү катары баалашат. Ошол эле учурда, патриархалдык нормалар алардын толук кандуу катышуу мүмкүнчүлүгүнө дагы деле таасирин тийгизүүдө. **Жаштар** негизинен сезондук айыл чарба иштерине, өзгөчө пахта жыйноо мезгилинде активдүү катышат, анткени бул учурда үй-бүлөлөр балдардын жардамына таянышат. Күрөө коюуга мүмкүнчүлүгү жок жаштар насыя алуу үчүн көбүнчө ата-энесинин мүлкүнө таянышат, ал эми Кара-Суудан эмгек миграциясына кетүү айрым жаштарды аялуу абалга учуратып, үй-бүлөлүк туруктуулуктун начарлашына алып келет.	түшүмдүүлүгүн төмөндөтүп, аялдардын ачык талаада иштөө мүмкүнчүлүгүн чектейт.	Жерге ээлик кылуу укугунун, айыл чарба техникасынын жана ири жер тилкелеринин чектелүүлүгү, ошондой эле жерди пайдаланууга байланыштуу чечимдерди, адатта, эркектер кабыл алышат. Каржылоого жеткиликтүүлүктүн төмөн болушунун негизги себеби болуп күрөөнүн жетишсиздиги жана жеткиликтүү финансылык инструменттер жөнүндө маалымдуулуктун төмөндүгү эсептелинет. Күйөөсүнүн же кайненесинин уруксатын талап кылган коомдук нормалардан улам окутууга катышууга чектөөлөр бар. Долбоордун кызматкерлери менен өз ара аракеттенүүгө байланыштуу кызганыч жана социалдык тобокелдиктер, үй-бүлөлүк чыр-чатактарга алып келиши мүмкүн. Тышкы иш-чараларга ишеними төмөн болгонуна байланыштуу, айрым аялдар жыйындарга такыр катышпоону туура көрүшөт. Жаштардын миграциясы жергиликтүү жумушчу күчүнүн жеткиликтүүлүгүн азайтып, аялдардын айыл чарбасындагы эмгек жүгүн көбөйтөт.	менен камсыз кылуу. Аялдардын өзүнө болгон ишенимин жана лидерлик жөндөмдөрүн күчөтүү, анын ичинде аялдар жетектеген кооперативдерди жана гендердик мектептерди колдоо. Купуя билдирүү механизмдерин жергиликтүү ишеним тармактарына (кошуналар, эже-сиңдилер, теңтуштар) ылайыкташтырып түзүү. Кызматкерлерди жалдоодо жана программаны ишке ашырууда басмырлоого жол бербөөнү камсыз кылуу, анын ичинде комитеттерде жана программанын башкаруу түзүмдөрүндө аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу. Аялдар кеңештери жана КААБ менен өнөктөштүктү түзүү, аларды аялдарды мобилизациялоого, даттанууларды кароого жана аялуу аялдарга колдоо көрсөтүүгө тартуу.